# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАРТ 2019 | № 3(89) чыгарылышы

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

*Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*



## Кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугу инфраструктурага инвестиция жасагандан да маанилүү

(“Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун 2015-2019-жылдардагы жыйынтыктары)

# КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ!
# БАРДЫК ЖӨБ органдарына!

## Шаардын жана айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын жана жергиликтүү бюджетти кароо, бекитүү мөөнөттөрү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине (78 – 79-бер., 88-бер.), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2018-жылдын 25-декабрындагы N 136-Б буйругу менен бекиткен Бюджеттик календарга ылайык, ЖӨБ органдары:

| | |
|---|---|
| Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын жана жергиликтүү бюджеттин артыкчылыктарын даярдашат | Кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын **1-июнунан кеч эмес** |
| Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын долбоорлорун талкуулоо боюнча коомдук угууларды өткөрүшөт | Жергиликтүү бюджеттер **түзүлгөнгө чейин** |
| Бекитилген социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын негизинде шаардын / айылдык аймактын жергиликтүү бюджеттерин түзүшөт | **Июндан июлга чейин** |
| Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угууларды өткөрүшөт | Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү бюджеттин долбоорун жактырганга чейин, **25-августтан кеч эмес мөөнөттө** |

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

Журналдын бул саны "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" (PSI) жана "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" (VAP) долбоорлорунун биргелешкен финансылык колдоосу менен чыкты. Аталган долбоорлорду Швейцария Өкмөтү Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги аркылуу каржылайт. Кагазды үнөмдөө максатында текстте Долбоорлордун кыскартылган аталыштары колдонулат – ЖДКЖ Долбоору жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоору. ЖДКЖ Долбоорун ХЕЛВЕТАС жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун Өнүктүрүү саясат институту аткарат.

HELVETAS KYRGYZSTAN
25 years a partner for true change

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | Март 2019 | № 3 (89) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

Кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугу инфраструктурага инвестиция жасагандан да маанилүү ("Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун 2015-2019-жылдардагы жыйынтыктары)......2

### ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү

Кеңеш жана Бешик-Жон айылдык аймактарында тазалыкты сактоо үчүн кызмат көрсөтүүлөр уюштурулду................6

Бешик-Жон айыл өкмөтүндө калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүү жакшыртылды.................9

Курманбек айылдык аймагынын Жоон-Күнгөй айылындагы суу менен жабдуу системасы колдонууга берилди.................................11

Кичинекей Нурайым эми суу ташыбайт........13

Ленин айылдык аймагындагы муниципалдык сейил бак жамааттын социалдашуусу үчүн жаңы жерге айланды..............................16

Тогуз-Булакта балдар үчүн жаңы спорттук талаа ачылды....................18

Улахол айылдык аймагындагы Оттук айылынын жаштары үчүн бош убакытты өткөрүүгө шарттар түзүлдү.......................................20

Кызматтарды көрсөтүүнүн жаңы модели.....22

*Кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы моделинде кабыл алынган ыкмалар.....23*

*Коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн тейлеме моделинин концепти...........25*

### ЖӨБдүн финансысы

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бюджеттик резолюциясына КР ЖӨБ Союзу менен Өнүктүрүү саясат институтунун сунуштары..............................................27

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукциондор.........................29

**АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ. "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун (мындан ары – ЖДКЖ Долбоору) Биринчи фазасынын жыйынтыктарына арналды. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда**

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор,
ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугу инфраструктурага инвестиция жасагандан да маанилүү
## (“Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун 2015-2019-жылдардагы жыйынтыктары)



2019-жылдын апрелинде “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун (мындан ары – ЖДКЖ Долбоору) биринчи фазасы жыйынтыкталды. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда. Кыргыз Республикасы үчүн бул долбоордун инновациялуулугу – кызмат көрсөтүү инфраструктурасына инвестициялар эмес, жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнө шайкеш келген кызмат көрсөтүүлөр процессин уюштуруу жана анын туруктуулугун камсыз кылуу маселелери артыкчылыктуу болгон. Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бизнес процесстерди, кызмат көрсөтүүнү башкарууну бир калыпка салып, анын келечектеги туруктуулугу жөнүндө ойлонуп, керектөөчүлөр менен ыктымалдуу жеткирүүчүлөрдүн каалоосунун негизинде форматын аныктап алууга жардам берди. Долбоор ошондой эле техникалык жардамды башкарууда биринчи жолу айрым бир жаңы ыкмаларды колдонду. Мисалы, жер-жеринде активдүүлүктү түз уюштургандын ордуна, долбоор ушул иштерди жасоону ЖӨБ органдарына тапшырды. ЖӨБ органдары өз алдынча талкууларды, окууларды уюштуруп, сатып алууларды өткөрүп, анын ичинде консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашырышты. Ошентип, долбоор ЖӨБ органдарына өзүнүн потенциалын гана күчөтпөстөн, муну менен кошо алардын жергиликтүү бизнес жана жамаат менен жемиштүү байланыштарын да күчөттү. Долбоор ийгиликтүү болгонунун маанилүү бир фактору – ал “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) изи менен барды. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖДКЖ Долбоору үчүн пайдубалды даярдап берди – максаттуу муниципалитеттерге жарандардын үнүнө жакшылап кулак тосконду, жергиликтүү өнүгүү саясатын аныктап, ишке ашырууда алардын муктаждыктарын толук эсепке алганды үйрөттү.

ЖДКЖ Долбоорунун гранттык программасы кенен болгон. Ошондуктан ЖӨБ органдары үчүн жагымдуу болду. Адатта ЖӨБ органдары мындай долбоорлорду инфраструктурага инвестиция тартуунун булагы катары гана карап келишет. Бирок ЖДКЖ Долбоору өз өнөктөштөрүнүн алдына – Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы 30 максаттуу муниципалитетке жаңы тапшырмаларды койду. Инвестициялык долбоорду иштеп чыгып, ишке ашыргандан тышкары максаттуу муниципалитеттер биринчи жолу техникалык жардам грантын ишке ашыруу зарылчылыгын көрүштү. Бул грант кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер Планын (КЖАП) иштеп чыгып, жер-жерлерде Долбоордун иш-чараларынын логистикасын камсыз кылуу үчүн берилет. Бул грант бардык 30 пилоттук муниципалитетке бирдей көлөмдө берилип, жергиликтүү бюджетке которулду (Ысык-Көл облусунда долбоор 11 муниципалитетте, Жалал-Абад облусунда 19 муниципалитетте иштеди).

Бул грант кызмат көрсөтүүлөрдү жана инвестицияларды уюштуруу иштерин пландоо жаатынан алып караганда ЖӨБ органдары үчүн жакшы машыгуу болуп берди. Бул машыгуудан өткөндөн кийин ЖӨБ органдары КЖАПты ишке ашырууга грант ала алышты. Бирок КЖАПты иштеп чыгуу кызмат көрсөтүүнү уюштуруу иштерине автоматтык түрдө каржылоо алуу дегенди билдирбейт. Каржылоого ээ болуш үчүн ЖӨБ органдары олуттуу конкурстук сыноолордон өтүп, долбоордун жана мамлекеттик органдардын алдында гана эмес, ошондой эле башка ЖӨБ органдарындагы кесиптештеринин алдында да өзүнүн иш-аракеттер планын коргоп бериши керек. Бул финансылык жардам да жергиликтүү бюджетке которулуп, ЖӨБ органдары мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарга ылайык колдонушкан. Бул болсо муниципалдык кызматчылардан сатып алуулар багытындагы көндүмдөрүн бир кыйла жакшыртууну талап кылды.



Гранттык программанын алкагында ЖДКЖ Долбоору жалпы суммасы 97 819 715 сомго 38 КЖАПты колдоп берди. Ошону менен бирге муниципалитеттердин өз салымы 32 137 955 сом болду. Бул болсо гранттан 32 пайызды түздү. Ал эми минималдуу талаптар 10 пайыз болушу керек эле. Кызмат көрсөтүүлөрдүн тибинин алкагында каржылоонун түзүмүн диаграммадан көрө аласыз. Белгилей кетчү бир жагдай бар: күтүүлөргө карабастан турак жай-коммуналдык чарба жана ичүүчү суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүлөрдө үстөмдүк кылган темага айланган жок. Иш жүзүндө жергиликтүү жамааттар билим берүү жана маданият тармактарындагы кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууну бирдей үлүштө талап кылышкан. Билим берүү чөйрөсүндө (мектепте жана мектепке чейинки) 11 кызмат көрсөтүү колдоого ээ болду. Анын ичинде өзгөчө билим берүүгө муктаждыгы бар балдар үчүн эки адаптациялык класска колдоо көрсөтүлдү. Таза суу менен камсыздоо жаатында жана маданий, бош убакытты уюштуруу (сейил бактар, маданий жана спорттук кызмат көрсөтүүлөр) жаатында 9 кызмат көрсөтүү колдоого ээ болду. Аймакты көрктөндүрүү, көчөлөрдү жарыктандыруу жана таштанды чыгаруу боюнча сегиз кызмат көрсөтүү колдоого ээ болду.




2019-жылдын апрель айында Каракол жана Жалал-Абад шаарларында ЖДКЖ Долбоорунун биринчи фазасынын ишинин жыйынтыгы боюнча аймактык семинарлар өткөрүлгөн. Семинарга Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы пилоттук айыл өкмөттөрүнүн башчылары жана айылдык кеңештин төрагалары, жергиликтүү консультанттар/тренерлер,

долбоордун аймактык координаторлору катышкан. Ошондой эле семинарга муниципалитеттер ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө кызыкдар болгон пилоттук эмес айыл өкмөттөрдүн өкүлдөрү да чакырылган. Жалпы жонунан семинарларга жүз адам катышты.

Долбоордун жетекчиси Асель МАМБЕТОВА 2015-жылдын май айынан 2019-жылдын апрелине чейин долбоордун алкагында аткарылган иштердин жыйынтыгы менен тааныштырды. Ошондой эле долбоордун иши жөнүндө тасма көрсөтүлдү. Бул тасма Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарында тартылган.

Катышуучулар кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу пландарын иштеп чыгуу боюнча тажрыйба алмашууда долбоордун ролу чоң болгонун белгилешти. Мында кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча иштин бардык чөйрөлөрүн камтыган жөнөкөй жана жеткиликтүү методика чоң жардам болгону айтылды. Катышуучулар ичүүчү сууга жана таштанды чыгарууга тарифтерди эсептөө методикасы боюнча алган билими абдан жардам бергенин белгилешти.

Күтүлүп жаткан кыйынчылыктар төмөнкүдөй болчу: башталгыч этабында бардык эле кызматкерлер кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча башкарууга байланышкан чечимдерди кабыл алууга даяр эмес болчу. Себеби инфраструктура дайыма артыкчылыктуу маселе эле. Мамлекеттик сатып алуулар порталы менен иштөөдө да көйгөйлөр аз болгон жок. Бирок долбоордун эксперттик колдоосу менен бардык түшүнүксүз маселелер жеринде чечилди.

Катышуучулар кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, өз муниципалитеттеринде көйгөйлөрдү жана кыйынчылыктарды чечүү боюнча тажрыйбасы менен бөлүштү. Ошондой эле алган билими жана көндүмдөрү менен бөлүшүп, долбоордон үйрөнгөн методологияны колдонуу жолдорун талкуулашты. Катышуучулар катуу тиричилик калдыктарын (таштандыны) жыйноо, чыгаруу жана жок кылуу иштерин уюштуруу чөйрөсүндөгү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн муниципалитеттер ортосундагы кызматташтык; калкты ичүүчү суу менен жабдуу; калктуу конуштарда муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу; тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо; инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча маселелерди да талкуулашты.

Ысык-Көл облусундагы Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Иличбек КОЧКОРОВ кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу методикасынын жардамы менен Ак-Сай айылынын тургундарын таза суу менен камсыз кылуу боюнча өз пландарын ишке ашыра алганын, айылдык аймактын жашоочулары үчүн маалымат борборун иштетишкенин өзүнүн баяндамасында айтып берди. Бул пландарды ишке ашыруу үчүн башка булактардан каражаттар тартылган. Ошондой эле бул методика боюнча таштандыны жок кылуу пландары да даярдалып жатат.

Максаттуу эмес айыл өкмөттөрүнөн келген катышуучулар бардык маселелерди талкуулап бүткөн соң өз пикирлерин айтышты. Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысы Бакыт АКМОЛДОЕВ: *"Бизди дагы семинарга чакырганыңар жакшы болду. Себеби биз Долбоордун өнөктөшү болгон кошуналарыбыздын жетишкендиктерин көрө алдык. Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу чөйрөсүндө айылдык аймактардын потенциалын жогорулатуу – бул долбоордун муниципалитеттерди өнүктүрүүгө жасаган чоң салымы. Мына ушул долбоордун ишинде мен бир маанилүү нерсени көрдүм: биздин айылдык аймактардагы кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн, сапатын жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн ЖӨБОнун, калктын жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн ресурстарын бириктирүү мүмкүнчүлүгү бар экен. Биздин айыл өкмөтү да ЖДКЖ өңдүү ушундай долбоордун өнөктөшү болгусу келет".*

Тоң айыл өкмөтүнүн башчысы Болот МАМБЕТОВ: *"Биз Болот Мамбетов айыл өкмөтү боюнча долбоордун ишинин жыйынтыктарын көрүп турабыз. Кызмат көрсөтүүлөр маселелери боюнча максаттуу муниципалитеттер бир кадам алдыда экен. Ошондуктан биз да максаттуу айыл өкмөтү болуп, бардык билимге жана көндүмдөргө ээ болуп, биздин айыл өкмөтүндө кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууда финансылык жардам алгыбыз келет".*

Пилоттук айыл өкмөттөрдүн катышуучулары долбоор кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу канчалык зарыл болгонун көрсөтө алганын, техникалык жардамын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин аң-сезимин өзгөрткөнүн баса белгилешти.

Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Аскат КУБАТОВ буларды айтты: *"Биз кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууда финансылык жана методикалык жардам бергени үчүн долбоорго ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Долбоордун жардамы менен мамлекеттик сатып алуулар порталы менен иштөө жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрин иштеп чыгуу боюнча билимге ээ болдук. Долбоор баштаган ишти калтырып койбостон, аягына чейин чыгарганы менен айырмаланат".*

Балыкчы шаарынын биринчи вице-мэри Алишер ТАБАЛДИЕВ буларды белгиледи: *"Балыкчы шаарындагы борбордук сейил бакта бош убакытты өткөрүүгө шарттарды түзгөнгө жардам бергени үчүн долбоорго абдан ыраазыбыз. Ошондой эле долбоордун жардамы менен ичүүчү сууга жана таштанды чыгарууга тарифтер эсептелип, бекитилди. Мындан тышкары долбоордун алкагында кызмат көрсөтүүлөрдүн туруктуулугу боюнча муниципалдык ишканалардын кызматкерлерин окутуу боюнча чоң иштер жасалды. Бул үчүн Швейцариянын элине терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз".*





## Пилоттук муниципалитеттер боюнча маалымат:

| № | МУНИЦИПАЛИТЕТ | КОЛДООГО АЛЫНГАН КЖАП | ГРАНТТЫН СУММАСЫ | ӨЗ САЛЫМЫ | КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР | ЖДКЖ УСУЛУ БОЮНЧА ТАРИФТЕР |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кумбел | Ичүүчү суу | 5000000 | 852524 | 5 | Сууга жаңы тариф бекитилди Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты |
| 2 | Бостери | Адаптациялык класстар | 2000000 | 200000 | 8 | |
| 3 | Липенка | Мектепке чейинки билим берүү | 4930729 | 870129 | 6 | |
| 4 | Ак-Чий | Ичүүчү суу | 2699971 | 91887 | 7 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 5 | Жети-Өгүз | Адаптациялык класстар | 2070000 | 538280 | 11 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| | | Муниципалитеттер ортосундагы ички жолдорду күтүү | 5000000 | 1000000 | | |
| 6 | Улахол | Маданият кызмат көрсөтүүлөрү | 4263220 | 530600 | 12 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 7 | Б. Мамбетов | Жаштардын бош убактысын өткөрүүгө шарт түзүп берүү | 500000 | 2703845 | 12 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 8 | Каражал | Мектепке чейинки билим берүү | 4 000 000 | 2 520 000 | 7 | |
| 9 | Балыкчы | Бош убакытты өткөрүүгө шарт түзүү (сейил бак) | 4000000 | 4000000 | 9 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 10 | Арал | Ичүүчү суу | 3775135 | 425000 | 5 | |
| 11 | Тогуз-Булак | Мектепке чейинки билим берүү (Спорттук аянтча) | 1040000 | 284477 | 5 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 12 | Масы | Мектепке чейинки билим берүү | 4350000 | 2132718 | 6 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты |
| | | Ичүүчү суу | 474000 | 86300 | | |
| 13 | Ала-Бука | ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрү | 3300000 | 1000000 | 4 | Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| | | Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү (мектептерде жана бала бакчаларда санитария) | 669602 | 745000 | | |
| 14 | Сакалды | Ичүүчү суу | 3800000 | 454000 | 2 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 15 | Багыш | Ичүүчү суу | 4419398 | 1028000 | 7 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 16 | Ленин | Бош убакытты өткөрүүгө шарт түзүү (сейил бак) | 3100000 | 355130 | 6 | |
| 17 | Сумсар | Саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрү (төрөт үйү) | 887000 | 111700 | 3 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 18 | Бешик-Жон | Ичүүчү суу | 4000000 | 755 852 | 4 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 19 | Кеңеш | ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрү | 418 230 | 60 000 | 6 | Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| | | Ичүүчү суу | 2 855 000 | 1 592 553 | | |
| | | ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрү боюнча муниципалитеттер ортосундагы кызматташуу | 5000000 | 458072 | | |
| 20 | Авлетим | ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрү (жарыктандыруу) | 554 787 | 64 400 | 5 | |
| | | Мектепке чейинки билим берүү | 3 083 253 | 400 000 | | |
| 21 | Жаңы-Жол, Аксы | ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрү (жарыктандыруу) | 1 436 613 | 180 000 | 6 | |
| 22 | 1-Май | Бош убакытты өткөрүүгө шарт түзүү (Спорттук аянтча) | 2 400 000 | 1 076 196 | 6 | |
| 23 | Токтогул шаары | ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрү (таштанды жыйноо) | 3 434 000 | 1 450 000 | 7 | Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты |
| | | Балдар чыгармачылыгы үчүн үй | 108 000 | 100 000 | | |
| | | Балдар үчүн кызмат көрсөтүүлөр боюнча муниципалитеттер ортосундагы кызматташуу | 600 000 | 100 000 | | |
| 24 | Жаңы-Жол, Токтогул | ТКЧ кызмат көрсөтүүлөрү (таштанды жыйноо) | 1 540 000 | 660 000 | 7 | Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты |
| 25 | Торкент | Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү (мектеп) | 910 200 | 182 040 | 9 | |
| 26 | Курманбек | Таза суу | 3 200 956 | 1 833 238 | 11 | Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| | | Мектепке чейинки билим берүү | 800 000 | 1 200 000 | | |
| 27 | Көк-Ирим | Мектепке чейинки билим берүү | 2 225 000 | 275 000 | 10 | |
| 28 | Тогуз-Торо | Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү (мектеп) | 2 879 621 | 355 980 | 8 | |
| 29 | Каргалык | Бош убакытты өткөрүүгө шарт түзүү (сейил бак) | 2 100 000 | 382 352 | 10 | Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты Ич. сууга жаңы тариф бекитилди |
| 30 | Көк-Таш | n\a | - | - | 5 | Таштанды жыйноо жана чыгарууга тариф иштелип чыкты |
| | **БААРЫ** | **38 КЖАПка колдоо көрсөтүлдү** | **97819715** | **32137955** | **209 кызмат көрсөтүү** | **24 тариф иштелип чыкты** |

# Кеңеш жана Бешик-Жон айылдык аймактарында тазалыкты сактоо үчүн кызмат көрсөтүүлөр уюштурулду



Кеңеш айылдык аймагынын борборунда жайгашкан Совет айылында тазалыкты камсыз кылуу боюнча жергиликтүү калк үчүн жакшыртылган кызмат көрсөтүүнүн ачылыш аземи өттү. Ошондой эле Кеңеш менен Бешик-Жон айылдык аймактары ортосундагы муниципалитеттер аралык кызматташтык боюнча жумуштар менен тааныштырышты. Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер планы "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун финансылык колдоосу алдында ишке ашырылды. Аталган долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык боюнча агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда.

Салтанаттуу аземге мамлекеттик администрациянын башчысы – Базар-Коргон районунун акими А.К.БЕГИМКУЛОВ, Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Б.ӨМҮРЗАКОВ, Кеңеш айылдык кеңешинин төрагасы жана депутаттары, "Кеңеш-Тазалык" муниципалдык ишканасынын кызматкерлери, долбоордун кызматкерлери жана айылдын тургундары катышты.

Катуу тиричилик калдыктарын (КТК) чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр боюнча муниципалитеттер ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү максатында Кеңеш жана Бешик-Жон айылдык аймактары аракеттер планын (КЖАП) иштеп чыгышкан. Буга чейин мындай кызмат көрсөтүү болбогондуктан жана катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча тиешелүү шарттар түзүлбөгөндүктөн, жергиликтүү калк таштандыны









көчөлөрдө, дарыялардын боюнда, ошондой эле коомдук жайларда ыргытып келген. Натыйжада аймактагы санитардык-экологиялык абал начарлап, бул биринчи кезекте калк арасында жугуштуу оорулардын өсүшүнө таасирин тийгизген.

Техникалык грант катары ЖДКЖ долбоору төмөнкүдөй каражатты бөлгөн:

- калкка сапаттуу жана туруктуу кызмат көрсөтүү үчүн АӨ адистеринин, айылдык кеңештин депутаттарынын, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн потенциалын жогорулатууга – 63 180 сом,
- тиешелүү документтерди даярдоо жана эксперттерди жалдоо үчүн – 173 600 сом,
- КЖАПтын алкагында жасалган иштерди баалоо үчүн биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун түзүү үчүн – 12 300 сом.

Жалпысынан Кеңеш айыл өкмөтү кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча үч иш-аракеттер планын даярдады. Бул КЖАПтар Долбоордун гранттык комиссиясына тапшырылып, Кеңеш айылдык аймагынын калкы үчүн катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер Планы колдоого алынды. КЖАПтын жалпы бюджети 478 230 сомду түздү. Алардын ичинен грант катары 418 230 сом жана Кеңеш айыл өкмөтүнүн өз салымы катары 60 000 сом бөлүндү.

Кеңеш айылдык аймагында КЖАПты ишке ашыруунун алкагында таштанды контейнерлери үчүн 14 жер аныкталып, тегерек-чети тосмолонду. Бул тосмолордун жардамы менен чогулган таштанды айылдын аймагына жетпейт, муну менен санитардык-экологиялык чөйрө да оңолот. Натыйжада жергиликтүү калк үчүн таштанды жыйноо жана чыгаруу үчүн бардык зарыл болгон шарттар түзүлдү.

Ошондой эле "Кеңеш жана Бешик-Жон калкы үчүн таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү" деп аталган иш-аракеттер Планы муниципалитеттер ортосундагы кызматташтыктын алкагында колдоого алынды. КЖАПтын жалпы бюджети 5 777 644 сомду түздү. Анын ичинен грант катары 5 000 000 сом, Кеңеш айыл өкмөтүнүн өз салымы катары 458 072 сом, Бешик-Жон айыл өкмөтүнүн өз салымы катары 319 572 сом бөлүндү.

КЖАПты ишке ашыруунун жүрүшүндө таштанды чогултуу үчүн КО-440-2 ГАЗ-3309 үлгүсүндөгү атайын машине сатып алынды. Кеңеш АА үчүн 42 темир контейнер, Бешик-Жон АА үчүн 36 контейнер сатып






алынды. Кеңеш айылдык аймагынын Могол-Коргон айылында аянты 3 гектар болгон таштанды полигону темир кашаа менен тосулду. Полигондун аймагында келечекте таштандыны кайра иштетүү боюнча шарттарды түзүү үчүн түнкү жарык орнотулду. Натыйжада Кеңеш ААнын 30 577 тургуну, Бешик-Жон ААнын 13 180 тургуну үчүн, ошондой эле 145 социалдык объект жана 288 үй кожолук үчүн катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү жакшыртылды. Бул кызмат кантип көрсөтүлүп жатканына биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу туруктуу көз салып турат. 2018-жылдын 22-октябрында Кеңеш жана Бешик-Жон айылдык кеңештеринин депутаттары муниципалитеттер ортосундагы кызматташтык боюнча маселелерди талкуулап, бекитишти.

ТУРДУКУЛОВ Медет, Совет айылынын айыл башчысы: *"ЖДКЖ Долбоорунун жардамы менен курулган, таштанды чогултуу үчүн 14 тосмолонгон аянтча, ошондой эле сатып алынган таштанды контейнерлери калктын турмуш сапатын бир кыйла оңдоду. Айлана-чөйрө, көчөлөр таза болуп калды. Биз жашаган аймак кантип өзгөрүп жатканын көргөндө ичибиз жылыйт".*

КЖАПты ишке ашыруунун алкагында "Кеңеш-Тазалык" аттуу муниципалдык ишкана ачылып, ишкана менен Кеңеш айыл өкмөтү ортосунда, ишкана менен абоненттер ортосунда таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү боюнча кызматташтык тууралуу келишимдер түзүлдү. Бул келишимдерде тараптардын бардык укуктары жана милдеттенмелери көрсөтүлгөн. Ишканага абоненттер менен иштөө үчүн атайын биллингдик программа менен оргтехника берилген. Кеңеш жана Бешик-Жон айылдык аймактарынын жашоочуларынын катышуусунда өткөн коомдук угууларда КТК чыгаруу жана жыйноого тарифтер талкууланып, жактырылды. Ишкананын материалдык-техникалык базасын бекемдеп, жумушчуларга талаптагыдай шарттарды түзүп берүү үчүн атайын жай, аспаптар, ширетүүчү аппарат, муниципалдык ишкананын кызматкерлери үчүн атайын кийим бөлүндү.

Жарандар Кеңеш айыл өкмөтү коомдук угууларды өткөргөнүн тастыктап, бул угууларда бардык каалоочулар өз суроолоруна толук жооп алганын, таштандыны жыйноо, чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызмат көрсөтүү тууралуу, муниципалдык ишкананын иши, тарифтер, келишимдер, анын ичинде ЖДКЖ Долбоорунун алкагында өткөрүлгөн бардык иш-чаралар тууралуу маалыматка ээ болушканын айтышты.







# Бешик-Жон айыл өкмөтүндө калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүү жакшыртылды



Жалал-Абад облусундагы Бешик-Жон айылдык аймагынын Бешик-Жон айылындагы 400 үй-бүлө үчүн суу менен жабдуу системасынын расмий ачылыш аземи өттү. Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер планы (КЖАП) "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун финансылык колдоосу алдында ишке ашырылды. Аталган долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда. Салтанаттуу аземге долбоордун өкүлдөрү, айылдык аймактын жашоочулары, айылдык кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн жана ТСКАКБнын кызматкерлери, ошондой эле Базар-Коргон раймамадминистрациясынын башчысы катышты.

Акыркы 25 жылдан бери Бешик-Жон айылынын жашоочулары калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүнүн жоктугуна нааразычылыгын билдирип келатат. ЖДКЖ долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына калктын аялуу катмарынын катышуусу менен фокус-топторду өткөрүүгө жардам берди. Бул жерде айылдагы эң артыкчылыктуу көйгөйлөр тандалып алынып, ААнын жигердүү адамдарынын катышуусунда өткөн чогулушта тартууланды. Биргелешкен аракеттер планына кошулган көйгөйлөрдүн бири – Бешик-Жон айылынын калкын таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу. Бешик-Жон айыл өкмөтүнүн башчысы А.Адишевдин буйругу менен, айыл калкын таза суу менен камсыз кылуу үчүн кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыкчу жумушчу топ түзүлдү. Бешик-Жон айыл өкмөтү "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун алкагында мыкты Иш планына өткөрүлгөн конкурста жеңүүчү деп табылган. КЖАПтын жалпы бюджети 4 810 900 сомду түзүп, анын ичинен 4 000 000 сом гранттык каражат, ал эми Бешик-Жон айыл өкмөтүнүн өз салымы 810 900 сомго барабар болду.

КЖАПты ишке ашыруунун жүрүшүндө 500м$^3$ кубаттуулугу бар резервуар толугу менен ремонттолуп, башкы суу сактагыч имараттарда ремонт иштери жасалып, ЭЦВ 6/16-140 үлгүсүндөгү жаңы тереңдиктеги насос орнотулуп, бактерициддик жабдуу коюлуп, башкаруу панели орнотулган. Андан тышкары башкы суу сактагычынын аянты суу тосмолору менен тосулуп, күзөт бөлмөсү да ремонттолуп,



*Бирок долбоор келип, суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүсү жакшыргандан бери бардык жашоочулар суткасына 24 саат бою 1 м$^3$ үчүн болгону 20 сомго таза сууну ала баштады. Бул чоң жетишкендик. Атүгүл жону жука сегиз үй-бүлө үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен трубалар өткөрүлүп, суу үчүн акы төлөөдө 50% жеңилдик каралды".*

Бешик-Жон айылындагы фокус-топтун лидери Меңдайым АРЗИЕВА: *"Үйүбүзгө таза суу күнү-түнү келип калганына жетине албай турабыз. Биз да өзүбүздүн үй-бүлөбүздөгү шарттарды оңдоп алдык: кир жуучу машинени киргизип, идиш жуучу раковинаны орнотуп, ысык жана муздак суусу бар жуунучу жайды жасап алдык. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалы канчалык жогорулаганына, алар калк менен тыгыз иш алып барып, көйгөйлүү темаларды көтөрүп, кызмат көрсөтүүлөрдү кантип жакшыртып жатканына күбө болуп турабыз".*

ТСКАКБ жумушчуларына талаптагыдай шарттарды түзүп берүү үчүн атайын жай, аспаптар, ширетүүчү аппарат, пластик куурларын ширетүү үчүн аппарат, сантехникалык жумуштар үчүн атайын кийим бөлүнүп, абоненттер менен иштөө үчүн атайын программасы киргизилген оргтехника берилди. КЖАПты ишке ашыруунун натыйжасында 400 үй кожолук жана Бешик-Жон айылынын 2500дөн ашык тургуну, Мамбеталиев атындагы №7 орто мектеп, бала бакчалар, ФАП үчүн суткасына 24 саат бою таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүү жакшыртылды.

аны менен бирге көчөлөрдө 400 суу өлчөгүчү бар 40 даана куту орнотулган жана суу бөлүштүрүү системасындагы кудуктар менен түтүктөр калыбына келтирилип, айыл көчөлөрдө кошумча алты даана суу крандары орнотулган. Долбоорду ишке ашырганга чейин Бешик-Жон айылынын калкы ичүүчү суу катары сырттан ташылып келген жана арыктан алынган сууну колдонушчу. КЖАПты ишке ашыргандан кийин бери дегенде 400 үй кожолук таза суу менен камсыздалды, ар биринде суу өлчөгүч орнотулду. Калкты суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүнүн сапатына биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу туруктуу көз салып турат.

Коомдук угууларда айылдык аймактын жашоочулары таза суунун тарифин талкуулап, жактырышты. Андан соң тариф Бешик-Жон айылдык кеңешинин сессиясында да бекитилди. Мындан кийин АӨ менен ТСКАКБ, ТСКАКБ менен абоненттер ортосунда суу менен жабдуу кызматтарын көрсөтүү боюнча кызматташтык тууралуу келишимдер түзүлдү.

Бешик-Жон айылынын тургуну Нурдин КУРБАНБЕКОВ: *"Биздин айылдын бардык жашоочулары, өзгөчө көп балалуу үй-бүлөлөр, жаш үй-бүлөлөр жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар "Таза суу маселеси качан чечилет болду экен?" деп 28 жыл күтүп жүрдүк. Буга чейин суу аптасына эки жолу, болгону 2-3 саатка келчү. Суунун жетишсиздигинен улам жашоочулар аны флягалап эшекке артып алып жеткирчү. Көбүнчө аялдар жана балдар кыйналып калаар эле. Жашоочулар атүгүл каналдан да суу алышчу.*







# Курманбек айылдык аймагынын Жоон-Күнгөй айылындагы суу менен жабдуу системасы колдонууга берилди



Жалал-Абад облусундагы Курманбек айылдык аймагынын Жоон-Күнгөй айылындагы 2134 жашоочу үчүн суу менен жабдуу системасынын расмий ачылыш аземи өттү. Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер планы (КЖАП) "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун финансылык колдоосу алдында ишке ашырылды. Аталган долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда.

ЖДКЖ долбоорунун колдоосу алдында калктын аярлуу катмарынын катышуусу менен фокус-топтор өткөрүлдү. Ал жерде айылдагы эң артыкчылыктуу көйгөйлөр тандалып алынып, ААнын жигердүү адамдарынын катышуусунда өткөн чогулушта тартууланды. Биргелешкен аракеттер планына кошулган көйгөйлөрдүн бири – Жоон-Күнгөй айылынын калкын таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу.

Курманбек айыл өкмөтүнүн башчысы Д.БАКИРОВдун буйругу менен Жоон-Күнгөй айылынын калкын таза суу менен камсыз кылуу үчүн кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыкчу жумушчу топ түзүлдү. Курманбек айыл өкмөтү "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун алкагында мыкты Иш планына өткөрүлгөн конкурста жеңүүчү деп табылган.

КЖАПты ишке ашыруунун жүрүшүндө Жоон-Күнгөй айылында узундугу 2866 метр болгон түтүк өткөрүүчү линия төшөлгөн, 150 м$^3$ болгон жаңы ре-



зервуар курулган, тереңдиги 150 метр болгон скважина тазаланган, ЭЦВ 6/16-140 үлгүсүндөгү жаңы тереңдиктеги насос орнотулуп, бактерициддик жабдуу коюлган. Натыйжада ар бир үй кожолугу ичүүчү суу менен жабдуу системасына кошулду. Мындан ары элеттиктер көчөдөгү колонканы колдонбой калышты, ал эми ар бир үй кожолукта суу өлчөгүчтөр орнотулуп, ага ылайык колдонулган суу үчүн акы алына баштады. Бул өз кезегинде суу менен жабдууда жана колдонууда ачык-айкындуулукту камсыз кылды. Жоон-Күнгөйгө долбоор келгенге чейин калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүлчү эмес, элеттиктер сууну жердин алдынан алып ичишчү.

Долбоордун жалпы баасы 5 034 194 сомду түздү, анын ичинен гранттык сумма – 3 200 956 сом, ал эми айыл өкмөтүнүн өз салымы 1 833 238 сом болду. Суу түтүк линиясы ар бир короого өткөрүлдү. Эми Жоон-Күнгөй айылында 418 үй кожолукта жашаган 2134 адам күнү-түнү ичүүчү суу менен камсыздалды.

Кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугун камсыз кылуу үчүн тариф иштелип чыгып, Курманбек айылдык аймагынын тургундарынын коомдук талкуусуна коюлду. Талкуунун жыйынтыгы боюнча, 1 м³ таза суу үчүн 26 сом көлөмүндө тариф орнотулуп, ал Курманбек айылдык кеңешинин сессиясында бекитилди. АӨ менен ТСКАКБ, ТСКАКБ менен ичүүчү сууну керектөөчүлөр ортосунда суу менен жабдуу кызматтарын көрсөтүү боюнча кызматташтык тууралуу келишимдер түзүлдү. Жаңы системаны колдонууга берүүнүн натыйжасында Курманбек айылдык аймагынын эки миңден ашуун жашоочусу ичүүчү сууга жете алышты. Бул кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугун камсыз кылуу үчүн муниципалитет аутсорсинг жана жүйөлүү тарифти эсептеп чыгуу өңдүү башкаруунун инновациялык механизмдерин өздөштүрдү.

Жоон-Күнгөй айылынын жашоочусу Омор ЖАМАНКАРАЕВ: *«Советтер Союзу кулагандан кийин биздин айылда таза суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүү болгон эмес, элеттиктер жердин алдынан суу алып ичишчү. Бул сууну 5-10 метр тереңдиктен суу насосу менен алып чыгышчу. Бирок бул суу туздуу болуп, санитардык талаптарга жооп берген эмес. Учурда ЖДКЖ Долбоорунун жардамы менен бул кызмат көрсөтүү боюнча жумуштар жыйынтыкталып, анын натыйжасында ар бир үй кожолукка трубалар өткөрүлүп, эсептегичтер орнотулуп, жашоочулар суткасына 24 саат бою суу менен камсыздалып калды. Биз заманбап стандарттар боюнча шарттарды түзүп, үйлөргө кир жуучу машинелерди, суу жылыткычтарды орнотуп, жуунуучу жайды жасап алдык. Суу менен жабдуу боюнча кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгү, сапаты жана туруктуулугу элеттиктердин үмүтүн актап жатат".*

ТСКАКБ жумушчулары үчүн шарттарды түзүү максатында бөлмө бөлүнүп, абоненттер менен иштөө үчүн атайын программасы бар оргтехника менен камсыздалды. Ошондой эле үзгүлтүксүз иштөө үчүн генератор, металлдан жасалган кулпусу бар аспаптар үчүн куту, DWP-1500,1500Вт пластик трубаларын ширетүү үчүн аппарат да сатып алынды.

Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу – бул үзгүлтүксүз жүрүү процесс экенин түшүнүш керек. Ал жаңы жабдууну сатып алуу жана имаратты же суу менен жабдуу системасын оңдоо менен чектелбейт. Эң негизгиси – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кызмат көрсөтүүнү башкаруудагы жакшы көндүмдөр болуш керек. Алар болсо кызмат көрсөтүүнүн сапатын кепилдейт, муниципалитеттин бардык жашоочуларына жеткиликтүү жана туруктуу болот. Жергиликтүү салым менен толукталган швейцариялык гранттын максаты – бул механизмдерди иштеп чыгууда чукул муктаждыктарга реакция жасоо. Бул механизмдер жарандар менен муниципалитеттин ортосундагы мамилелерди бекемдейт, жергиликтүү бийлик органдарынын жоопкерчилигин жогорулатат, долбоордун эсебинен каржыланган инфраструктуралардын туруктуулугун камсыз кылат.







# Кичинекей Нурайым эми суу ташыбайт (Арал айылдык аймагы)



Арал айылдык аймагындагы Арал айылынын түштүк бетинде саз, ал эми түндүк жагында дарыя бар. Бир караганда айыл сууга муктаж эместей сезилет. Мал жана айыл чарбасы үчүн жергиликтүү тургундарга жакшы шарттар түзүлгөн. Бирок сугат сууга муктаждык жок болгонуна карабастан айылда ичүүчү суунун тартыштыгы ар бир үй-бүлө үчүн көйгөйлүү маселе болчу. Себеби элеттиктер сууну күн сайын 1-2 км аралыктан ташып келишчү.

*"Менин аты-жөнүм Нурайым КАЛЫЕВА, мен 12 жаштамын. Апамдын айтуусунда, анын балалыгы да күн сайын айылдын борборундагы колонкадан флягалап суу ташуу менен өтүптүр. Иним экөөбүз эки күндүн биринде, кээде күн сайын суу ташыйбыз. Үйдөгүлөрдөн сууну үнөмдөп, өтө зарыл болбосо, колдонбой эле койгулачы деп суранабыз. Бирок баары бир апам биздин кийимдерибизди же идиштерди жууйт, ошон үчүн суунун запасы тез эле түгөнүп калат. Бул үчүн кээде уруша да кетебиз, өзгөчө кышында суу ташыгыбыз келбейт. Анын үстүнө бул өтө көп убакытты алып коет. Кышында караңгы киргенге чейин суу алып келиш үчүн кээде сабакка да барбай калам. Катуу чарчагандыктан мектепте берген үй тапшырмаларын да аткара албай калган учурлар болот. Кээде иним мени аяп, канчалык кыйын болбосун, бирок өзү ташып келет. Кышында карды эритип, жазында жамгырдын суусун чогултабыз. Мындай суу кийим-кечек же идиш жууганга жарайт. Апам үчүн атамдын кийимин жууган өтө кыйын. Бирок анын кийимин көп жууш керек. Мунун айынан апамдын ден соолугу да начарлап кетти. Кээде керме-керме кир жуугандан кийин апамдын бөйрөгү, бели ооруп, бир нече күн төшөктөн тура албай жатып калат".*

Арал айылына суу жеткирүү айылдык аймак үчүн дайыма артыкчылыктуу маселе болуп келген. Бирок бюджетте каражат жетишсиз болгондуктан, бул ишке ашкан эмес. Айылдын тургунда-



ры ар бир үйгө суу келип турса деп кыялданганы менен, бул жакын арада орундалбай турганын жакшы түшүнүшчү.

*"Менин аты-жөнүм ЖАНАЛИЕВА Айнура, мен 43 жаштамын. Мен ушул айылда өсүп чоңойгом. Балдарымдын да бала кези суу көйгөйү менен өтүп жатканына ээзэним кейийт. Мен иштебейм, үй тиричилиги менен алекмин. Үйдөгү жумуштарга балдарым абдан жакшы жардам беришет. Жолдошум мал жана айыл чарбасынан тышкары курулушта да иштейт. Ал негизинен жумушта болот, мен үй оокаттары менен алекмин, ал эми байкуш балдарыбыз болсо бизге суу ташыйт. Суу болбосо тиричилик да токтоп калат. Ошондуктан начар аба ырайына, кар, жамгырга карабастан балдарым сууну борбордогу колонкадан ташып келишет"*, - деп айтып берди Нурайымдын апасы.



*"Мал же чарба үчүн суу жетиштүү эле. Бирок таза суу маселеси абдан курч турат жана айылдагы ар бир үйгө ыңгайсыздыкты жаратууда. Ылай көчөнү аралап, күн сайын флягалап суу ташыган балдарга боорум ооруйт. Үй-бүлөмдү багуу үчүн кошумча курулушта да иштейм. Ал жактан дайыма кир кийим менен келем. Бирок жуунуп алайын десем ыңгайлуу шарт жок. Кээде акы төлөп мончого барабыз. Ал эми үй шартында эле жууна турган болсок, суу өтө көп кетет. Флягада суу аз калды дегиче эле баарыбыз тынчсыздана баштайбыз. Суунун жоктугунан улам кадыресе тиричилик шарттарын да түзө албайбыз жана үйдөгү негизги түйшүктү балдарым менен аялым көтөрөт"*, - деп айтты үйдүн кожоюну.

Таза суу көйгөйү 2016-жылы айылга ЖДКЖ Долбоору келгенден баштап чечилди. Элеттиктер коомдук угууларда ичүүчү суу жана жолдорду калыбына келтирүү маселесин көтөрүп, ЖӨБ органдарынан дал ушул эки көйгөй боюнча өтүнмөнү даярдап берүүнү суранышты.

*"Долбоордун конкурстук комиссиясы ичүүчү суу боюнча өтүнмөбүздү жактырып, жакын арада бизге суу келе баштаарын укканда алгач ишенген жокпуз. Бирок көп өтпөй эле жумуштар башталып, үйүбүзгө эле эсептегичтерди орнотуп коюшту. Эми суу үчүн белгиленген тариф боюнча төлөп калдык, айына 100 сомго жакын акча чыгат. Суу берээр замат мен биринчи кезекте үй-бүлөм үчүн шарттарды түзө баштадым. Эми бизде кир жуучу машине да, душу бар ванна да, суу жылыткыч да бар. Колго кир жуубай калганына аялым жетине албай отурат. Суу үчүн балдарым менен да урушпай калдык. Мурда сууну ташып келгенге жумшаган убактысын эми сабакка арнашып, атүгүл кошумча ийримдерге да бара башташты. Эми шаардыктардай эле шарттарда жашап калдык деп сыймык менен айта алам. Ичүүчү суу менен жабдуу системасынын ачылышына келген долбоордун кызматкерлери да буга күбө болушту. Мына ушул эмгеги үчүн долбоордун өкүлдөрүнө жана биздин айыл өкмөттүн кызматкерлерине ыраазычылыгымды билдирип, мындан аркы иштерине ийгилик каалаамакчымын. Себеби алар сонун иш жасап, элеттиктердин батасын алып жатышат. Балким алар үчүн бул майда эле иш болушу мүмкүн, бирок биз үчүн бул жашообузду өзгөртүп, шарттарды оңдоп берген чоң иш болду".*

*"Ата-энебиз суу эми үйдөн эле чыга турганын айтканда иним экөөбүз абдан кубандык, атүгүл алгач ишенген да эмеспиз. Биз мындай иш кыска убакыттын ичинде эле бүтүп калат деп ойлогон эмес элек. Өзгөчө иним Нурдөөлөт абдан кубанды. Эми алыстан суу ташып келбей турганына дагы эле ишене албай жатат. Азыр үйүбүздө бардык*







*шарттар түзүлгөн. Иним убактысынын көбүн досторy менен өткөрүп, футбол ойнойт. Мен болсо сабактан калбай барып жатам, алган баалярым да оңолду. Апамдын да колу бошоп, мага үй тапшырмасын жасаганга жардам берет. Атүгүл мен англис тили боюнча кошумча сабакка да жазылдым. Англис тилинде таза сүйлөгүм келет. Мындан тышкары комуз боюнча ийримге да бара баштадым. Мага ноталарды үйрөнгөн жагат. Күүлөрдү үйрөнүп алсам эле кечинде комуз чертип, концерт коймокмун. Апам менин ийгиликтериме жетине албай отурат".*



2018-жылдын 12-октябрында Арал айылдык аймагындагы Арал жана Миң-Булак айылдарындагы жаңы конуштарды таза суу менен камсыз кылуу боюнча жаңы система ачылгандан кийин 500дөн ашык адам суу менен камсыздалды. Пилоттук муниципалитет болгон айыл өкмөтү жаңы конуштардын калкын таза суу менен камсыз кылуу боюнча планды ишке ашырды. Муну Арал айылынан жаңы конуштарга чейин суу менен жабдуу системасын кеңейтүү жолу менен жасашты. Бул үчүн узундугу 3540 метр болгон жаңы суу түтүк системасын курушкан. Анын баасы 4 200 135 сомду түздү. ЮЖАПты ишке ашыруунун алкагында айыл өкмөтү "Белек" ТСКАКБнын кызматкерлери менен бирге экономикалык жактан жүйөлүү тарифти эсептеп чыгышты. Жаңыланган тариф айылдын тургундарынын талкуусуна коюлуп, коомдук угууда тартуулангандан кийин айылдык аймактын калкы жактырды. Андан соң тариф айылдык кеңештин сессиясында бекитилди. Мурда бир адам үчүн айына 25 сом чыкчу. Жаңы эсептөөлөр боюнча тариф 1 м³ үчүн 30 сомду түздү. Эсепке алуу системасы жаңыланып, абоненттерди эсепке алчу биллинг системасы орнотулду. ТСКАКБ көчөдөгү колонка аркылуу суу берүүдөн эсептегичтер аркылуу ар бир үйгө суу жеткирүүгө өттү. Бул болсо сууга аяр мамилени камсыздап, ичүүчү суу кызмат көрсөтүү үчүн акы жыйноонун деңгээлин да жогорулатты.

M

# Ленин айылдык аймагындагы муниципалдык сейил бак жамааттын социалдашуусу үчүн жаңы жерге айланды



Ленин айылында жаңыланган эс алуу багынын расмий ачылышы болду. Эми айылдын ар бир тургунунда, негизгиси жаштар жана балдарда бош убактысын коопсуз, жарыктандырылган, акысыз Wi-Fi бар, таза сейил бакта өткөрүүгө мүмкүнчүлүгү пайда болду. Сейил бакта ыңгайлуу отургучтар, ошондой эле селкинчектер, дөбөлөр жана турниктер орнотулган балдар аянтчасы бар. Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер планы (КЖАП) "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун финансылык колдоосу алдында ишке ашырылды. Аталган долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда.

Гранттын жалпы суммасы 3 100 000 сомду түздү. Айыл өкмөтү өз салымы катары кошумча 355 130 сом бөлдү.

Ленин айылынын жашоочусу Чынара ТИЛЕКЕЕВА буларды белгиледи: *"Мен 35 жаштамын, күйөөм экөөбүздүн беш балабыз бар. Күйөөм карапайым жумушчу, мен болсо ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү Муслим аттуу баламды 13 жылдан бери чоңойтуп келатам. Муслим өзү баса албайт, бирок көчөгө чыккысы келет. Балам менен барайын десем ыңгайлуу жер жок. Балдар аянтчасы да, кинотеатрлар да, маданий эс алуу үчүн ыңгайлуу жер да жок.*

*Ленин айылында элеттик сейил бак бар болчу, бирок ал көп жылдардан бери кароосуз калып, ал жерде эч кандай шарттар болгон эмес. Сейил бакта мал жайылып, ар кайсы жерде таштанды жатчу, бак-дарактары куурап калган. Айтор кызыктуу жана көзгө жагымдуу эч нерсе болгон эмес. Ошентип көп убакыт балама шарт түзө албай кыйналып жүрдүм. Буга байланыштуу көчө комитетинин төрагасына да бир топ кайрылдым.*

*Бул көйгөй тууралуу ЖДКЖ Долбоорунун колдоосунда өткөн фокус-топто да айткам. Биздин фокус-топтун катышуучулары Ленин айылындагы сейил бактын кызмат көрсөтүүлөрүн айылдагы артыкчылыктуу маселе катары аныкташты. Айылдык аймактагы чогулушта биз сейил бактын зонасында маданий эс алуу жана бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүнү тартуулап, чогулушка катышкандардын басымдуу бөлүгү маданий эс алууну артыкчылыктуу деп тандап алышты.*

*Ошентип, 2017-жылы Ленин айыл өкмөтү "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун жардамы менен айылдык сейил бакты калыбына келтирди. Бул үчүн бак-дарактар санитардык тазалоодон өткөрүлүп, аймактын айлана-тегереги тазаланып, сейил бактын тегереги тосмолонуп, отургучтар коюлуп, түнкүсүн жарык берчү лампалар орнотулду. Мындан тышкары балдар аянтчасы да курулду; селкинчектер, дөбөлөр, кум төгүлгөн аянтчалар, турникеттер орнотулуп, аттракциондор үчүн аянтчаларга шарт түзүлдү. Бардык жолдорго брусчатка төшөлүп, коляска сүйрөгөн энелер жана балдар үчүн ыңгайлуу болуп калды. Сейил бактын аймагында жаңы дааратканa курулуп, фонтан орнотулуп, ирригациялык система калыбына келтирилди. Ошондой эле маалыматтык такталар (электрондук жүгүртмө саптар) орнотулуп, эс алуучулар үчүн акысыз WI-FI коюп бердик. Сейил бакты калыбына келтиргенден кийин бул жерде ар кандай иш-чаралар, майрамдар өткөрүлүп калды. Балдар бакчасынан жана мектептерден балдар көп келе баштады.*





*Эми биз Муслим экөөбүз сейил бакка дайыма келип турабыз. Ага бул жер абдан жагат. Себеби сейил бакта аба таза, айлана-тегерек кооз болуп, ары-бери сейилдегенге да, эс алганга да кызыктуу болуп калды. Муслим активдүү болуп, башка балдар менен да ойноп жатат.*

*Ленин айылында 17 улуттун өкүлдөрү жашайт. Сейил бак түрдүү улуттагы аялдардын башын бириктирген жерге айланды. Бул жерге балдары менен келген аялдар достошуп, бири-бири менен баарлашып, конокко чакырышып, жаңылыктар менен бөлүшүп турушат.*

*Жаштар болсо бош убактысында бакка эс алганы, аттракциондордо ойноп, акысыз интернет колдонуп, бири-бири менен баарлашуу үчүн келишет. Мурда маданий эс алуу үчүн шарттар түзүлбөгөндүктөн жаштар жагымсыз окуяларга туш болгон учурлар болуп турчу. Азыр болсо ар кайсы айылдарда жашаган кары-картаңдар, жаштар, окуучулар жана балдар чогуу эс алып, достошуп, ойноп, жаңылыктар менен бөлүшүп, айтор бош убактысын ушул жерде өткөрүп калышты.*

*Жаз келээри менен аялдар жана балдар, окуучулар сейил бакты тазалап, жашылдандыруу боюнча ишембиликтерге жигердүү катышат. Муну менен алар айылдын өнүгүүсүнө өз салымын кошууда. Биздин элеттик сейил бак дайыма кооз, жашыл, таза жана кызыктуу болушун каалайбыз".*

М





# Тогуз-Булакта балдар үчүн жаңы спорттук талаа ачылды




Түп районундагы Тогуз-Булак айылдык аймагынын Сары-Булуң айылында Тагаев атындагы мектепке караштуу чакан футбол жана волейбол талаасы бар жаңы спорттук аянтчанын ачылышы болду. Кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер планы "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун финансылык колдоосу алдында ишке ашырылды. Аталган долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана ХЕЛВЕТАС менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда.

ЖДЮЖ Долбооруна максаттуу муниципалитет катары катышкан айыл өкмөтү айылдын окуучуларын жана жаштарын спорт жана бош убакытты өткөрүү үчүн шарттарды түзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер Планын (ЮЖАП) иштеп чыкты. Гранттык долбоорлордун конкурсунда бул план жактырылып, 1 040 000 сомго колдоо көрсөтүлдү, ал эми жергиликтүү бюджеттен 284 477 сом бөлүндү. Спорттук аянтчаны уюштуруу боюнча долбоордун жалпы суммасы 1 324 477 сомду түздү. Тагаев атындагы мектепке караштуу долбоорду ишке ашыруунун алкагында спорттук аянтчанын аймагында чакан футболдук жана волейбол талаасы даярдалып, спорттук аянтчанын тегерек-чети тосмолонуп, отургучтар жана жарыктандыруу орнотулду.

Ачылыш аземинде ар бир команда оюн талаасына спорттук форма менен чыгып, ар кандай оюндарды көрсөтүштү. Аземдин коноктору спорт менен эркек балдар гана эмес, кыздар да алектенээрин көрө алышты. Жашоочулар учурда спортто мурдагыга караганда кыздардын саны көп болгонун, атүгүл кыздардын өзүнүн волейбол командасы бар болгонун белгилешти.

Айылдагы аксакалдардын бири өз пикирин айтты: *"Бүгүн Сары-Булуң айылынын жашоочулары үчүн чоң окуя болуп жатат! Өзгөчө биз балдарыбыз үчүн кубанып турабыз. Жаңы оюн аянтчасы жаштардын башын бириктирип, аларга футбол, волейбол ойноп, убактысын чогуу өткөрүүгө шарт түзүп берген жерге айланды. Атүгүл айылдагы кыз-келиндер кирген волейбол командасы да түзүлдү. Биз эки айылдын ортосунда волейбол боюнча аялдардын мелдешин өткөрдүк.*







*Балдарды жана кыздарды эрте куракта спортко тартуу жана алардын сергек жашоого болгон мамилесин калыптандыруу оң таасирин тийгизип, келечекте да спортту таштабай, өмүр бою дени сак болуп жүрүүгө өбөлгө болуп берет деп эсептейбиз".*

ЮЖАПты ишке ашыруунун натыйжасында 500дөн ашык жаштар жана окуучулар бош убактысын пайдалуу өткөрүп, спорт менен алектенип, ар кандай спорттук иш-чараларды өткөрө алуусуна шарт түзүлдү. Жаштар үчүн спорт жаатындагы мындай демилгелерди колдоо менен, Долбоор келечекте чоң артыкчылыктарга жеткирчү жумуштарга багыт алууда. Ал эми мындай иштердин пайдасы оюн талаасынын чегинен чыгып, өспүрүм кыздардын спортко жигердүү тартылуусуна да оң таасирин тийгизет.

М



# Улахол айылдык аймагындагы Оттук айылынын жаштары үчүн бош убакытты өткөрүүгө шарттар түзүлдү



Оттук айылы Улахол айылдык аймагындагы беш айылдын катарына кирет. Оттукта 2397 адам жашайт, алардын ичинде 512 адам – 25 жашка толо элек жаштар. Оттук айылы салыштырмалуу чоң болгонуна карабастан, бул жерде бош убакытты туура өткөрүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Мектепте спорттук жана жыйындар залы жок, окуучулар ар кандай иш-чараларды клубда өткөрүп келишет. Эскилиги жеткен клубда жылуулук берилбейт, мунун айынан кышында клубга жана китепканага эч ким кирчү эмес. Ошол себептен айылда окуучулар катыша ала тургандай түрдүү ийримдерди уюштурууга мүмкүнчүлүк жок болчу.

7-класстын окуучусу УРПАЛЫЕВА Аймончок буларды айтты: *"Мен бала кезимден бери комуз чертем. Тилекке каршы, айылда комуз черткенди үйрөтчү мугалим да, ийримдер да болгон эмес. Мен жана классташтарым комуз черткенди үйрөнүш үчүн Гүлнара эженин үйүнө барчубуз. Ал бизди үй шарттарында эле окуткан. Бирок мындан да терең билим алыш үчүн бул жетишсиз эле жана мугалимге да ыңгайсыз болчу".*

Чогулушта Улахол айылдык аймагынын жашоочулары биринчи кезекте Оттук айылында бош убакытты өткөрүүгө шарттарды түзүш керек деген чечимге келишти. "Улахол ААнын Оттук айылынын жаштары жана өспүрүмдөрү үчүн бош убакытты эффективдүү өткөрүүгө шарттарды түзүү" боюнча кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу үчүн Долбоор 4 263 220 сомду бөлүп берди. Ал эми айыл өкмөтү кош-каржылоо катары 530 600 сом бөлдү. Бул каражатка клубдун жана китепкананын имараты толугу менен оңдолуп, жылуулук жана суу өткөрүлүп, музыкалык жана компьютердик жабдуулар сатып алынып, балдар аянтчасы курулуп, Интернет киргизилди.

Комуз ийримин уюштуруу үчүн алты комуз сатып алынды. Эми шарттар түзүлгөн клубда жана китепканада комуз боюнча ийрим өз ишин баштады. Бул ийримге 20 окуучу (11 кыз жана 9 бала) барат. Ошондой эле вокал боюнча да ийрим ачылып, ага 10 бала барат (алты бала жана төрт кыз). Мындан тышкары клубда ар кандай маданий иш-чаралар, мектептер ортосунда конкурстар, майрамдык концерттер, балдар үчүн көңүл ачуучу иш-чаралар өтүп турат. Ошондой эле элеттиктердин жана









жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, жергиликтүү кеңештин катышуусунда коомдук угуулар өтөт. Оттук айылындагы китепканада окурмандар үчүн бардык шарттар түзүлүп, каалоочулар компьютерден маалыматты издей алышат. Бүгүнкү күндө китепканага ар түрдүү курактагы 616 окурман туруктуу келип турат. Алардын 402си аялдар, 239у өспүрүмдөр, 15 жашка толо элек 270 бала жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү беш бала бар. Бир жылдын ичинде Интернетти жана компьютерлерди колдонуп, балдар аянтчасына ойноо үчүн 4117 адам келди, алардын 2804ү – аялдар.

Китепканада облустагы бардык китепканачылардын жана райондук маданий бөлүмдөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен элеттик китепканаларды өнүктүрүү боюнча облустук деңгээлдеги ар кандай иш-чаралар өткөрүлүп турат. Мындан тышкары китепканада түрдүү иш-чаралар, семинарлар, "Мамлекеттик тилибизди сактайлы", "Мыкты жаш китепканачы" өңдүү республикалык сынактарга даярдоочу иш-чаралар өтүп турат. Мекеме КР Билим берүү жана илим министрлиги өткөргөн эң мыкты жабдылган элеттик китепканага жарыялаган сынакка да катышты. Бул сынак Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү жылынын алкагында уюштурулган. Ошондой эле "Чогуу китеп окуйбуз" аттуу Долбоор боюнча семинар өткөрүлүп, ага мектепке бара элек балдар ата-энеси менен чогуу катышты.

7-класстын окуучусу Аймончок УРПАЛЫЕВА: *"Клубду оңдогондон кийин комуз ийрими ачылаарын угаар замат эч ойлонбостон жазылдым. Эми жакшы шартта комуз черткенди үйрөнүп жатабыз. Ата-энем мага комуз сатып бербегендиктен, мен клубга тиешелүү комузду чертип жатам. Азыр комуз боюнча ийримдин алдыңкы окуучуларынын биримин жана облустук музыкалык сынакка катышып жатам. Байгелүү орун алам деп ишенип турам".*



6-класстын окуучусу Аяна КАРЫБЕКОВА: *"Мен да комузга кызыгам. Клубга ремонт жасалганга чейин менде комуз черткенди үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк жок болчу. Мугалим да, аспаптар да жетишсиз эле. Азыр болсо комуз ийримине катышып жыргап калдым. Мугалимим мыкты комузчу болуу үчүн менде талант бар деп айтат".*

Кызмат көрсөтүү туруктуу болушу үчүн 2019-жылга жергиликтүү бюджеттен төмөнкүдөй каржылоо бөлүндү: маянага – 196 634 сом; иш-чараларды өткөрүүгө – 24 000 сом; коммуналдык жана башка чыгашаларга – 23 133 сом. Шахмат боюнча ийримге балдарды кабыл алуу да башталды.

М

# Кызматтарды көрсөтүүнүн жаңы модели



*ЖДКЖ Долбоорунун буйруттмасы боюнча Третьяков А., Мурзаев С. Мадеюев А., Балтагулов Д., Чекиров А.А.*

2019-жылдын 24-апрелинде Бишкекте "Кыргыз Республикасында кызмат көрсөтүүнүн тейлеме моделин өнүктүрүү" деген темада семинар өттү. Иш-чара Кыргыз Республикасындагы коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн модели менен тааныштыруу максатында уюштурулду. Бул модель жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик башкаруу органдарынын "тейлеме мүнөздөгү" заманбап талаптарына, ошондой эле калк менен жергиликтүү жамааттын муктаждыктарына жооп берет. "2018-жылы "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун (PSI) колдоосу алдында 2018 – 2023-жылдарга жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдүн системасын оптималдаштыруу боюнча чаралардын Планы иштелип чыккан. Бул План 2018-жылдын 23-августунда КР Экономика министрлиги менен ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) биргелешкен Буйругу менен бекитилген. Буга кошумча, КР Экономика министрлигинин кайрылуусунун негизинде PSI долбоору бекитилген Планды ишке ашырууга колдоо көрсөткөн. Тагыраак айтканда, "коомдук кызмат көрсөтүүлөр" моделин даярдоого колдоо жасалды. Бул модель Пландагы №1 тапшырма болчу. Өткөн жылдын октябрь айында Экономика министрлиги көрсөтмө берүүчү алгачкы семинарды өткөрүү тууралуу чечим кабыл алган. Бул семинар улуттук жана чет өлкөлүк тажрыйбаны эсепке алуу менен, КРда кызмат көрсөтүүлөрдүн тейлеме моделин өнүктүрүүгө карата методикалык мамилени талкуулап алуу максатында өткөрүлдү", деп айтты PSI Долбоорунун жетекчиси Асель МАМБЕТОВА.

Мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, долбоордук топтордун мүчөлөрү, эксперттер жана донордук уюмдардын өкүлдөрү катышкан (баары болуп 63 киши катышты) семинардын жүрүшүндө эксперттик топтун ишинин жыйынтыгы берилди:

- "Кыргыз Республикасында коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн модели: концептуалдык мамилелер", эксперт – ТРЕТЬЯКОВ А.В.
- "Кыргыз Республикасында коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы моделинин административдик тиби", эксперт – МУРЗАЕВ С.К.
- "Кыргыз Республикасында коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы моделинин гуманитардык тиби", эксперт – МАДЕЮЕВ А.Н.,
- "Кыргыз Республикасында коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы моделинин турмуш тиричилигин камсыздоочу кызмат көрсөтүүлөрү", эксперт – БАЛТАГУЛОВ Д.Т.
- "КРда коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы моделинин финансылык механизмдеринин маселелери", эксперт – ЧЕКИРОВ А.А.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр системасынын учурдагы моделинин өзөгүн 2014-жылдын 17-июлундагы №139 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамы түзөт. Аталган Мыйзам "мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр" түшүнүгүнө укуктук аныктама берип, бул чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр системасындагы өзөктүк субъекттердин (аткаруучулар менен керектөөчүлөрдүн) ортосундагы мамилелердин принциптерин аныктап, анын уюштуруучулук жана укуктук механизмдеринин негизги бөлүктөрүн белгилейт. Ал механизмге төмөнкүлөр кирет:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрлер системасы;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр өндүрүшүнүн административдик регламенттери;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнүн ыкмалары;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүүнү.

"Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр" түшүнүгүнүн аныктамасы бул Мыйзамда бир нече өзгөчөлүккө ээ. Алардын бири – "юридикалык жана жеке жактардын суроо-талаптарын аткаруу".

Бул Мыйзам жөнгө салган чөйрөдөн түрдүү деңгээлдердеги бийлик органдарынын милдеттерине кирген турмуш тиричиликти камсыз кылуу кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыздоо боюнча ишмердигинин кеңири түрү чыгарылган (ичүүчү суу менен жабдуу, жылуулук менен камсыздоо, катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу, жолдор ж.б.). Башкача айтканда, кызмат көрсөтүүлөрдүн чөйрөсүнөн жергиликтүү маанидеги маселелердин алкагында ЖӨБ органдары жооптуу болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн чоң тизмеси алынган. ЖӨБ органдары бул маселелерди 2011-жылдын 15-июлундагы №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык аткарчу. Ошондой эле "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамы кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруучу катары мекемелерди гана аныктаганын, муну менен инфраструктуралык кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларды чыгарып салганын белгилей кетиш керек. Натыйжада муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине кошулган кызмат көрсөтүүлөрдүн саны болгону 12 аталыштан турат.

Мыйзам юридикалык жана жеке жактар мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарына кайрылган башка бир катар мамилелерди жөнгө салбайт. Мисалы, лицензиялык-уруксат берүүчү функцияларды аткаруу боюнча иштерди жөнгө салбайт. Коомдук бийлик органдарынын ишинин бул түрлөрү 2013-жылдын 19-октябрындагы №195 "Лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" КР Мыйзамы менен жөнгө салынат. Муну менен бирге өз ара мамилелердин бул түрү мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү менен окшош жактары көп. Бул – лицензиялардын жана уруксат берүүлөрдүн түрлөрүнүн реестри (жүзгө жакын), юридикалык жана жеке жактардын кайрылууларынын белгиленген тартиби, жыйынтыкты даярдоонун регламентациясы, мониторинг жана баалоо, электрондук форматка өткөрүү, "Бирдиктүү терезе" принциби боюнча жана электрондук кызмат көрсөтүүлөр порталы аркылуу кызмат көрсөтүү ж.б.

ТЫЯНАК. Бүгүнкү күндө мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестри негизинен социалдык жана административдик мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөрдү камтыйт. Алар "Административдик ишмердүүлүктүн негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө", "КР калкын социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө", "Билим берүү жөнүндө" жана башка КР Мыйзамдары менен жөнгө салынат.

Ошентип, кызмат көрсөтүүнүн колдонуудагы системасы укуктук базасы ар башкача болгондуктан бир түрдүү жөнгө салынбай келүүдө. Натыйжада калк, бизнес жана жалпысынан коомчулук муктаж болгон сапаттагы жана көлөмдөгү кызмат көрсөтүүгө дайыма эле жете бербейт. Бул болсо бардык деңгээлдердеги коомдук бийлик органдарына карата ишенимди азайтып, Кыргыз Республикасынын жарандарынын бакубатчылык деңгээлин жогорулатууга бут тосууда.

СУНУШТАМА. Ушул жана башка көйгөйлөрдү чечүү үчүн коомдук бийлик органдары жооптуу болгон кызматтарды көрсөтүү тутумун өнүктүрүү зарыл. Муну тейлеме модель багытындагы мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн колдонуудагы уюштуруучулук-укуктук механизмин биротоло иштеп чыгуу жолу менен ишке ашырса болот.

## Кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы моделинде кабыл алынган ыкмалар

Жогорудагы көйгөйдү чечүүдөгү ыкмалардын бири – тейлеме мамлекеттин концепиясынын жана коомдук байгерлик теориясынын идеялары менен жоболору, алардын категорияларын жана түшүнүктөрүн колдонуу.

Мамлекеттик / муниципалдык тутумду өнүктүрүүнүн тейлеме идеясы классикалык схемага таянат: "кызмат көрсөтүүнү өндүрүүчү – керектөөчү". Мында мамлекеттик институттардын туруктуулугу жана легитимдүүлүгү жеке жана топтук кызыкчылыктар менен муктаждыктарды эффективдүү аныктоого жана ишке ашырууга байланышкан[1].

Башкарууну "тейлеме" жагынан уюштурууда эффективдүүлүктүн үстөмдүк кылуучу көрсөткүчү болуп "керектөөчүлөрдүн канааттануусу" эсептелинет. Бул үчүн башкаруучулук ишмердиктин максаттары менен тапшырмаларын нормалоого карата комплекстүү ыкманы колдонуу зарылчылыгы негизделип берет (административдик, экономикалык, социалдык, маалыматтык, укуктук формалардын, усулдардын, ыкмалардын жана жолдордун системага салынган өз ара байланышы). Жашоо үчүн

[1] Тейлеме мамлекет: теориянын жана практиканын көйгөйлөрү. Я. Коженко, А. Мамычев //Власть, №3, 2010.

маанилүү камсыздоо жана коопсуздук үчүн жоопкерчилик мамлекетке жүктөлөт. Мамлекет ар бир адамдын жана алардын топторунун муктаждыктары менен кызыкчылыктарын канааттандырууну кепилдөөгө тийиш.

Коомдук бийлик органдары жооптуу болгон кызмат көрсөтүүлөр тууралуу жалпы түшүнүктү коомдук байгерлик теориясы берет[2]. Белгилүү болгондой, байгерлик бул – материалдык жана материалдык эмес каражаттар, алар түрдүү муктаждыктарды канааттандырат, өзүнчө адамдарга да, жалпысынан коомго да пайда алып келет. Байгерликтин түрдүк кеңири курамы бар. Алардын чоң бөлүгү жеке керектөө үчүн кызмат көрсөтүүнүн мүнөзүнө ээ. Ага жеткиликтүүлүк керектөөчүлөрдүн кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө жекече кайрылуусун жана ошол кызматтарды алуу үчүн акы төлөөсүн талап кылат.

Мындай кызмат көрсөтүүлөргө мисалдар: маалымкаттарды, уруксаттарды берүү, каттоо, окутуу, абонемент менен китепканада тейлөө. Калкты социалдык жактан коргоо чөйрөсүндө бул ар кандай жөлөкпулдарды дайындоо жана төлөп берүү (жумушсуздук, кош бойлуулук боюнча, аз камсыздалган үй-бүлөлөргө ж.б.), протездерди даярдоо жана берүү, жарандардын айрым категорияларына санаторийге-курортко жолдомолорду берүү жана башкалар. Мындай байгерликтин бир кыйла үлүшүн мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр түзөт.

Коом муктаж болгон байгерлик же кызмат көрсөтүүлөр бар. Алардын өзгөчөлүгү – жамааттык муктаждык бар, бардык каалоочуларга эркин жана бирдей даражада берилет. Бул жерде алардын эки түрүн бөлүп алса болот: керектөөчүлөрдүн жеткирүүчүлөргө кайрылуусун талап кылган жана талап кылбаган. Биринчи тибине мисалдар: ичүүчү суу менен жабдуу, таштанды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү. Мындай кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандан улам аларды коммуналдык деп да атап коюшат. Алардын басымдуу бөлүгүн коммерциялык жана жеке уюмдар жеткире алышат.

Коомдук байгерликтин экинчи тибинин мисалдары: мыйзамдар, коргонуу, укук коргоо, мектепте билим берүү, унаа жолдору, телерадиоберүү жана башкалар. Жергиликтүү деңгээлде бул – көчөлөрдү жарыктандыруу, светофорлор, сейил бактар, музейлер, китепканалар жана башкалар. Коомдук бийлик органдарынын жана алардын уюмдарынын мындай кызмат көрсөтүүлөрү коомдук байгерлик болуп саналат.

Коомдук байгерликтин бул тиби мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө таандык болгон белгилерге ээ эмес. Тагыраак айтканда, кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн жана аны конкреттүү адам үчүн берүүгө байланышкан кайрылуунун өтүнмө тартиби жок.

Жогоруда айтылгандай, байгерликтин бөлүштүрүлүшү "мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү", түшүнүгү канчалык көп кырдуу болгонунан кабар берет. Мында алардын түрлөрү менен керектөөчүлөрдү камсыз кылуу боюнча иштин өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу зарылчылыгы бар.

Бул болсо коомдук мааниге ээ болгон байгерлик катары кабыл алынган "коомдук кызмат көрсөтүү" түшүнүгүн киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттин өз милдеттенмелеринин алкагында жеке жана юридикалык жактарга алардын суроо-талабы боюнча аткарылат. Бул кызмат көрсөтүүлөр алардын укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдык кызыкчылыктарын канааттандырууга, же жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болгон милдеттенмелерин аткарууга багытталган.

Коомдук мааниси бар байгерлик – бул байгерликти колдонууга жеке жана юридикалык жактардын жалпы кызыкчылыгы бар, ошондуктан мамлекеттин, коомдук бийлик органдарынын милдети болуп саналат.

Ошентип, "коомдук кызмат көрсөтүүлөр" терминин "мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр" термининен да кеңири мааниде колдонулат жана аны да кошо

[2] Дж. Стиглиц, Коомдук сектордун экономикасы. М. 1997.

***1-таблица. Коомук байгерликтин түрлөрү***

| Коомук байгерликтин түрлөрү | Атаандаштыкка жөндөмдүүлүк | | | Өзгөчөлүк | | | Ким камсыздайт? |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогору | орточо | жок | жогору | орточо | жок | |
| Таза жеке байгерлик | + | | | + | | | Базар |
| Турмуш тиричилигин камсыздаган байгерлик | Мааниге ээ эмес (саясий жүйөлөр боюнча коом аныктайт) | | | | + | | Мамлекет |
| Аралаш коомдук байгерлик | | + | | | | + | Муниципалитет |
| Жамааттык (клубдук) байгерлик | | | + | | + | | Муниципалитет |
| Таза коомдук байгерлик | | | + | | | + | Мамлекет жана (же) муниципалитет |





камтыйт. Бул кызматтарды мамлекеттик да, мамлекеттик эмес да түзүмдөр көрсөтө алышат. Негизгиси – коомдук кызмат көрсөтүүгө коомчулуктун кызыгуусу, социалдык мааниси болушу керек.

Мисалы, бардыгы калктын корголбогон категорияларына колдоо көрсөтүүгө, суу менен туруктуу жабдууга, ден соолукту бекемдөөгө жана спорт менен алектенүүгө, билим жана медициналык жардам алууга ж.б. кызыкдар. Бул кызматтарды ким көрсөтөт – керектөөчү үчүн бул экинчи пландагы маселе. Аны чечүү бир катар жагдайлардан көз каранды. Ошону менен бирге бул жерде кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруунун эффективдүүлүгү негизги критерийлердин бири болуп саналат.

Ошентип, эгерде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик түзүмдөр түздөн түз аткарышы керек деп эсептелинсе, анда коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик органдар өз алдынча жеткире алат же аларды тыштан уюмдарды тартуу менен уюштура алат.

## Коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн тейлеме моделинин концепти

Моделдин теориялык жана методологиялык өзөгү болуп "тейлеме мамлекеттин", "коомдук бийликтин", "коомдук байгерликтин" жана "коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн" түшүнүктөрүнүн аппараты эсептелинет. Бул түшүнүктөрдүн баары бири-бирине сиңишип кетчү мүнөзгө ээ.

**Тейлеме мамлекет.** Тейлеме мамлекетте анын маңызы жана багыты индивидге кызмат кылууда камтылган. Мындан улам индивид менен өз ара аракеттенүү боюнча мамлекеттин ар бир ишмердиги мамлекеттик (коомдук) кызмат көрсөтүү болуп калат. Тейлеме мамлекет – бул коомдук бийликти уюштуруунун өзгөчө саясий формасы, анын өзүнүн атайын башкаруу аппараты бар, ал индивиддерге коомдук кызмат көрсөтүүгө багытталат. Ошондой эле адамдын татыктуу турмуш тиричилигин, анын укуктарын жана эркиндиктерин камсыздаган социалдык-укуктук кепилдиктер системасы да бар.

**Коомдук кызмат көрсөтүүлөргө** индивиддин, же топтордун ар кандай жигердүүлүгү чөйрөсүндөгү коомдук бийликтин (мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарынын) ишмердигин киргизебиз. Бул иштер өз Укуктарын жана Милдеттенмелерин ишке ашырууга жана аларга соңку байгерликти түзүүгө байланыштуу болот.

**Коомдук байгерликтер.** Башкарууну "тейлеме" жактан уюштурууда "керектөөчүлөрдүн канааттануусу" эффективдүүлүктүн үстөмдүк кылуучу көрсөткүчү болот. Ошону менен бирге керектөөлөр жеке да, коомдук да (жамааттык) боло алат. Бул керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн жеке, жамааттык жана коомдук байгерликтер өндүрүлөт. Байгерликтин тигил же бул тибин бөлүп кароодо эки белги критерий болуп берет: өзгөчөлүк жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүк.

Эгерде байгерликти бир гана адам колдонсо, бир эле маалда башка адамдар колдоно албаса, анда ал жеке болуп саналат. Б.а., мындай байгерликти колдонуп жатканда атаандаштыкка жөндөмдүүлүк да, бул *байгерликке башка бирөөнүн жетүүсүн чектөө мүмкүнчүлүгү да бар (бир эле адам колдонот)*.

Эгерде байгерликти жамааттын мүчөлөрү гана колдоно ала тургандай шарттарды түзүү мүмкүнчүлүгү бар болсо, анда *ал жамааттык (клубдук) болот*.

Эгерде байгерликти бир адам колдонуп, бирок башкалар да колдоно ала тургандай болсо, ал коомдук байгерлик болуп саналат. Б.а., мындай *байгерликти бир гана адам көрө албайт (улуттук коргонуу, коомдук коопсуздук, экология)*.

Сунушталып жаткан моделде таза жеке байгерлик каралбайт. Себеби мындай байгерликти коомдук бийлик органдары эмес, базар камсыз кылат. Ошол эле маалда модель кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү үчүн керектөөлөр жана аларга шайкеш байгерлик тууралуу кеңири түшүнүктү колдонууну сунуштайт:

*Таза коомдук байгерлик.* Коомдук тармакта өндүрүлгөн товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, алар коомдук кызыкчылыкты канааттандыруу үчүн кызмат кылат.

*Турмуш тиричиликти камсыз кылган байгерлик.* Күнүмдүк – коомдун бардык мүчөлөрү алышы керек болгон байгерлик.

*Жамааттык (клубдук) байгерлик.* Социалдык жактан зарыл болгон жана коомдук мааниси бар байгерлик.

Коомдук кызмат көрсөтүү катары жалпы экономикалык мааниси бар ишмердиктин айрым түрлөрү[3].

**Коомдук бийлик.** Бул байгерлик үчүн кандайдыр бир деңгээлде коомдук бийлик (мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдары) жооптуу. Коомдук бийлик бүгүн да, келечекте да төмөнкүлөр үчүн жооп берет (жоопкерчиликти алат): кызмат көрсөтүүлөрдүн бар болушу, жеткиликтүүлүгү (кеңири маанисинде), сапаты жана Коопсуздугу үчүн. Бул үчүн коомдук бийлик:

- калкка коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүнү жана жеткирүүнү уюштурат.
- бул маселеде бизнес жана жарандык коом менен бирге иш алып барат.
- кызмат көрсөтүүлөрдү көзөмөлдөө, мониторинг жана баалоо жүргүзүү процессин уюштурат.
- каржылоонун ар кандай түрлөрүн, анын ичинде аралаш түрүн колдонот.
- Коомдук кызмат көрсөтүүлөр. Модель кызмат көрсөтүүлөрдүн үч тибин бөлүп карайт:
- материалдык (физикалык чөйрөнүн байгерлиги);

[3] Бул түр алыскы келечекте болот деп болжолдонууда, себеби жеке таза байгерликке тиешелүү.




- гуманитардык (адамдын ички чөйрөсүнүн байгерлиги);
- административдик (укуктук чөйрөнүн байгерлиги).

**Коомдук кызмат көрсөтүү** – бул мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары өзүнүн конституциялык Укуктарын жана Милдеттенмелерин ишке ашырууда Адамдын (топтун) жашоосун жана ишмердигин колдоо боюнча жасаган иштердин натыйжасында пайда болгон коомдук байгерлик.

**Коомдук кызмат көрсөтүү** – мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын юридикалык жана жеке жактарга коомдук байгерликти алууга болгон суроо-талаптарын канааттандырууга, коом алдында өзүнүн конституциялык укуктарын жана милдеттенмелерин ишке ашырууга багытталган ишмердиги.

## Коомдук кызмат көрсөтүүнүн жалпы критерийлери:

- юридикалык, жеке жактан же ыйгарым укуктуу органдардан / жактардан кызмат көрсөтүүгө суроо-талап[4] бар.
- мамлекеттик органдын же ЖӨБ органдын мыйзамдар менен бекитилген милдеттенмелери, ыйгарым укуктары, компетенциясы бар;
- коопсуздукту камсыз кылуу, ден соолукту сактоо, айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик органдын/ЖӨБ органдын жарандар алдында милдеттенмеси бар.

## Кызмат көрсөтүүлөрдүн тибине киргизүү үчүн критерийлер

- **Турмуш тиричилик менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр.** Критерийлер: коомдук байгерлик адамдын жашоосу жана ишмердиги үчүн чөйрөнү объективдүү жакшыруусу менен мүнөздөлөт (сандык мүнөздөмөлөрү бар: көлөмү, салмагы ж.б.).
- **Гуманитардык кызмат көрсөтүүлөр.** Критерийлери: коомдук байгерлик адамдын руханий, интеллектуалдык жана физикалык абалынын өнүгүүсүн мүнөздөйт. Коомдук байгерликтин стандарттарына жетүү адамдын өзүнүн катышуусуна көз каранды болот.
- **Административдик кызмат көрсөтүүлөр.** Критерийлер: Коомдук байгерлик адамдын жашоосу жана ишмердиги үчүн укуктук негизди белгилейт.

[4] Суроо-талап: 1) адамдан/топтон актуалдуу суроо-талап; 2) өткөндөн суроо талап, ал: 2.1. мыйзамдык жол-жоболор боюнча маморгандарга милдеттенмелер жана тиешелүү функциялар түрүндө берилген; 2.2. мындай коомдук байгерликтин сандык мааниси минималдык байгерлик түрүндө, же "коопсуздук" маселесинде чектөөлөр түрүндө белгиленген.





# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бюджеттик резолюциясына КР ЖӨБ Союзу менен Өнүктүрүү саясат институтунун сунуштары



"Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу" Юридикалык жактардын бирикмеси жана Өнүктүрүү саясат институту КР ЖӨБ органдарынын жергиликтүү бюджеттеринин абалына карата тынчсызданусун билдиришет. 2018-жылдын жыйынтыгына караганда, өлкөдө кооптонууну жараткан абал түзүлдү: жергиликтүү маанидеги маселелерди сапаттуу чечүү үчүн да, региондорду өнүктүрүү боюнча КР Президентинин тапшырмаларын аткаруу үчүн да жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жетиштүү финансылык мүмкүнчүлүктөр жок.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарына, Өкмөттүн аракеттерине жана 2018-жылы көрүлгөн чараларга карабастан, акыркы беш жылдын ичинде жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин жалпы кирешелеринде жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин үлүшү стагнация абалында кала берүүдө – эч кандай өсүш байкалбайт (1-диаграмманы караңыз). Ошол эле маалда республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу ыргакта өсүп жатат (2-диаграмманы караңыз). Бул демек жергиликтүү жана республикалык бюджеттер ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүп жатканда аймактарды өнүктүрүүгө карата өлкөнүн артыкчылыктары эсепке алынбайт дегенди билдирет. Абсолюттук туюнтмасында 2018-жылы жергиликтүү бюджеттердин жыйынды көлөмү 2017-жылга салыштырганда атүгүл төмөндөп кеткен. Натыйжада, ЖӨБ органдарына өз функцияларын жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетишпей жатат.

Ошону менен бирге жыл сайын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тиешелүү болгон финансылык ресурстарды бербестен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларынын санын кеңейтип келатат. Айталы, өткөн жылдары жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесине туризмди өнүктүрүү, үй-бүлөлүк зомбу-

***1-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин динамикасы, 2010-2018-жылдар.***



*2-диаграмма. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин өсүшүндөгү динамика, 2010-2018-жылдар*




луктан коргоо, пробация өңдүү маселелер кошулган. ЖӨБдүн функцияларын кеңейтүү боюнча, мисалы, саламаттык сактоо жана башка маселелерге карата жаңы демилгелер кайра-кайра көтөрүлүп турат. Бирок бул демилгелерде бир нерсе эч качан эсепке алынбайт: ЖӨБ органдарынын функцияларын чеги жок кеңейте берип, бирок ошол эле маалда жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин ортосунда кирешелерди бөлүштүрүүгө өзгөртүүлөрдү киргизбесе, мындай көрүнүш акыр соңунда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шал абалга жеткирет. ЖӨБ органдары көзөмөлсүз ыйгарым укуктарды жана милдеттерди аткарууга такыр эле жөндөмсүз болуп калат.

Жергиликтүү бюджеттердин абалы начарлап жатканынан улам, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймактарды өнүктүрүү чөйрөсүндөгү артыкчылыктуу тапшырмаларын аткаруу зарылчылыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен төмөнкүнү Бюджеттик резолюцияга киргизүүнү өтүнөбүз: мамлекеттик бюджеттик кирешелердин жалпы көлөмүндө жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү 2020-жылы 20 пайызга чейин жана 2022-жылы 25 пайызга чейин көбөйтүлүшү керек.

Ошондой эле бюджет аралык мамилелерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизбестен жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегин кеңейтүүгө тыюу салууну өтүнөбүз.

Ошондой эле жергиликтүү бюджеттердин абалын жакшыртуу максатында 2020-2022-жылдарга КР ЖК Бюджеттик Резолюциясына бюджет аралык мамилелерди өркүндөтчү төмөнкүдөй багыттарды киргизүүнү сунуштайбыз.

Райондор жана шаарлар үчүн бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү саясатынын максаттарын аныктап алуу (өнүгүү үчүн теңдештирүү (өсүш башаттарын) жана конституциялык кепилдиктерди сактоо үчүн теңдештирүү). Ушундай максаттарга шайкеш келген теңдештирүүнүн жаңы механизмдерин иштеп чыгып, киргизүү.

Теңдештирүүнүн максаттарына жараша өлкөнүн жана муниципалитеттердин кызыкчылыктар балансын эсепке алуу менен, капиталдык салымдарды каржылоонун схемасын кайра карап чыгуу. Жергиликтүү өнүгүү бюджеттерин түзүү механизмдерин даярдап, ишке ашыруу.

Теңдештирүү максаттарына карабастан жарандар үчүн да, бизнес үчүн да маанилүү кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоодо теңсиздикти кыскартуу боюнча чараларды көрүү (учурда жергиликтүү бюджеттердеги маанилүү беренелер боюнча аймактардын ортосундагы айырма төмөнкүдөй: турак жай-коммуналдык чарбасы – дээрлик 22 эсе, социалдык коргоо – 15 эсе, маданият – 35 эсе).

ЖӨБ органдарынын киреше потенциалын жогорулатуу боюнча чараларды даярдап, ишке ашыруу (эсепке алынбай калган жер жана мүлк объекттерин экономикалык жүгүртүүгө киргизүү, ижарага берилген муниципалдык менчиктеги объекттердин жагымдуулугун жогорулатуу, кыймылсыз мүлк объектисинин кадастр баасын эсепке алуу менен, мүлк салыгы боюнча салыктык базаны кайра эсептеп чыгуу, ал базар баасынын негизинде эсептелиши керек ж.б.).

ЖӨБдүн ыйгарым укуктары менен ошол ыйгарым укуктарды каржылоонун көлөмдөрүн шайкеш келтирүү – ЖӨБдү каржыланбаган функцияларды жана өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткарууга байланышкан чыгашалардан бошотуу. Билим берүү мекемелерин каржылоону жергиликтүү бюджеттин чыгашасынан республикалык бюджеттин чыгашаларына которуу демилгесин ишке ашыра берүү.

Жер казынасын колдонуудан жана менчикти сатуудан түшкөн кирешелерди башкаруу принциптерин өзгөртүү. Ушул чөйрөлөрдөн түшкөн кирешелерди өнүктүрүү максаттарына багыттоо үчүн мындай кирешелерди күнүмдүк чыгашаларга колдонууга чектөөлөрдү киргизүү.

Комплекстүү пландоо системасын түзүү боюнча чараларды көрүп, анда мейкиндиктик пландоо, социалдык-экономикалык пландоо жана бюджеттик камсыздалгандык фактору ортосундагы байланышты караштыруу. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жардамы менен жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик программаларды каржылоонун механизмдерин иштеп чыгып, аларды киргизүү.

ЖӨБ Союзунун Директору **АЛМАНБЕТОВ Ө. Б.**
Өнүктүрүү саясат институтунун
Башкаруу төрайымы **ДОБРЕЦОВА Н. Н.**





# Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукциондор

2019-жылдын 29-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №142 "Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Токтому кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Токтомунун максаты жана милдеттери – муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин регламенттештирүү.

Муниципалдык мүлктү сатуу жана ижарага берүү маселелерин регламенттештирген ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу маселеси 2017-жылдын декабрь айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын финансы жана кредит саясаты бөлүм башчысынын кеңешмесинде каралган. Ошол кеңешмеде муниципалдык мүлктү сатууга жана ижарага берүүгө карата электрондук аукционду киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу тууралуу чечим кабыл алынган. Мындан тышкары муниципалдык мүлктү сатуу жана ижарага берүү боюнча электрондук соода аянтчасынын механизмин киргизүү маселеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 22-сентябрындагы №602 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жаңы доорго кырк кадам" Программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чаралар планында да каралган.

Жогоруда аталган маселени ишке ашыруу максатында Агенттикте жумушчу кеңешме өткөрүлүп, ага Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун, Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлдөрү катышып, төмөнкүдөй чечим кабыл алынган:

- **Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу "Инфо-Система" Мамлекеттик ишканасы иштеп чыккан, муниципалдык мүлктү сатуу жана ижарага берүү боюнча электрондук аукциондорду өткөрүү үчүн электрондук соода аянтчасынын (ЭСА) программалык камсыздоосун колдонуу;**
- **Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу "Инфо-Система" мамлекеттик ишканасын муниципалдык мүлктү сатуу жана ижарага берүү боюнча электрондук аукциондорду өткөрүү үчүн ЭСАнын техникалык оператору катары аныктоо;**
- **ЭСАнын ишиндеги техникалык маселелерди чечүү үчүн ЭСАнын Байланыш-борборун түзүү маселесин карап чыгуу;**
- **Чүй облусунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын – Токмок шаарынын, Кант шаарынын жана Ново-Покровка айыл өкмөтүнүн базасында пилоттук режимде ЭСАны ишке берүү.**

Муниципалдык мүлктү менчиктештирүү боюнча аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу маселеси каралган эмес. Себеби Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 12-1-беренесине ылайык, муниципалдык мүлктү менчиктештирүү усулдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте колдонулат.

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматтагы аукциондорду өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобонун долбоорун даярдап жатканда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №507 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматтагы пилоттук аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө" Жобо негиз катары алынды.

Ушул долбоор Агенттик менен Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин биргелешкен ишинин натыйжасында даярдалганын белгилей кетүү зарыл. Себеби жогоруда аталган комитетке караштуу "Инфо-Система" Мамлекеттик ишканасы электрондук соода аянтчасынын техникалык оператору болуп эсептелет.

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, ушул долбоор 2018-жылдын 18-октябрында коомдук талкуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылган. Коомдук талкуунун жыйынтыгы боюнча сын пикирлер жана сунуштар түшкөн эмес.

# Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин аныктайт.

2. Ушул Жободо колдонулуучу негизги түшүнүктөр:

***муниципалдык мүлктү ижарага берүү*** – муниципалдык мүлктү акы төлөө менен убактылуу ээлик кылууга жана пайдаланууга же убактылуу пайдаланууга өткөрүп берүү;

***ижарага берүүчү*** – муниципалдык мүлктү ижарага берген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы, муниципалдык мекеме, муниципалдык ишкана;

***ижарага алуучу*** – ушул Жободо белгиленген тартипте муниципалдык мүлккө убактылуу ээлик кылуу жана пайдалануу же убактылуу пайдалануу укугу берилген жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде чет элдик адамдар;

***электрондук аукцион*** – муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна тооруктун түрү, анда эң жогорку бааны сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп таанылат;

***жеке кабинет*** – пайдалануучунун электрондук соода аянтчасындагы автоматташтырылган жумушчу орду;

***муниципалдык мүлк*** – «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктуна ылайык муниципалдык менчикте турган мүлк;

***электрондук соода аянтчасынын жабык бөлүгү*** – электрондук соода аянтчасында катталган пайдалануучуларга гана жеткиликтүү болгон сайттын бөлүгү;

***ижара объектиси*** – ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата электрондук аукцион жүргүзүлүп жаткан муниципалдык мүлк;

***электрондук соода аянтчасынын операторy*** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен түзүлгөн келишимдин негизинде иштеген жана электрондук тооруктар жүргүзүлүүчү Интернет тармагы электрондук соода аянтчасынын порталына ээ болгон маалыматтык системанын ээси;

***талапкер*** – ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата электрондук форматта тоорукка катышуу үчүн өтүнмө берген жак;

***ижарага берүүнүн баштапкы баасы*** – муниципалдык мүлктү пайдалануу үчүн ай сайын төлөнүүчү ижара акысынын баштапкы өлчөмү, андан ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата электрондук аукцион башталат;

***катышуучу*** – тоорукка катышууга уруксат алган талапкер;

***электрондук соода аянтчасы*** – тооруктарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн Интернет тармагында жайгаштырылган жана катталган катышуучуларга бүтүмдөр боюнча электрондук операцияларды аралыктан (жеке катышуусуз) ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү маалыматтык система;

***электрондук кол тамга (ЭК)*** – электрондук формадагы башка маалыматка кошулган жана (же) аны менен логикалык жактан байланышкан, маалыматка ким кол койсо, ошол адамды аныктоо үчүн пайдаланылган электрондук формадагы маалымат;

***электрондук документ*** – электрондук формада берилген документтештирилген маалымат, тактап айтканда ал электрондук эсептөөчү машиналарды пайдалануу менен адамдын кабыл алуусу үчүн жарамдуу түрдө болот.

3. Талапкерлердин (же анын атынан аракеттенүүгө укуктуу адамдардын), катышуучулардын (же анын атынан аракеттенүүгө укуктуу адамдардын), электрондук соода аянтчасынын операторунун жана ижара берүүчүнүн ортосундагы документтерди жүргүзүү электрондук документтер формасында же документтердин электрондук үлгүсүндө (кагаз түрүндө документтердин реквизиттерин сактоо менен сканирлөө аркылуу электрондук-санариптик формага кайра өзгөртүлгөн документтер) электрондук соода аянтчасы аркылуу ишке ашырылат. Бул эреже тараптардын ортосунда жөнөкөй жазуу жүзүндө түзүлүүчү муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишими үчүн колдонулбайт.

4. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукционду уюштурууга жана өткөрүүгө байланышкан, анын ичинде ижарага берүүчүдөн, талапкерлерден жана катышуучулардан алынган электрондук документтер электрондук соода аянтчасынын операторунда сакталат.

5. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү электрондук соода аянтчасында өткөрүлгөн электрондук аукциондун жыйынтыгы боюнча электрондук аукциондун жеңүүчүсү аныкталган күндөн тартып 7 календардык күндүн ичинде ишке ашырылат.

6. Муниципалдык мүлктү ижарага берүүнүн шарттары, ижарага алуучунун жана ижарага берүүчүнүн укуктары, милдеттери, тараптардын жоопкерчилиги жана ижаранын башка шарттары муниципалдык мүлктү ижарага алуу келишими менен белгиленет.

7. Ижарага алуучу муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишими күчүнө кирген мезгилден тартып ижарага алат. Ижарага берүү келишими келишимде белгиленген учурдан тартып, же мыйзамдарда каралган учурларда, тиешелүү мамлекеттик органда мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет.

8. Ижарага берүүчү, электрондук соода аянтчасынын оператору муниципалдык мүлктү ижарага алуучулар боло алышпайт.





## 2. Катышуучулардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги

9. Ижарага берүүчү муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук соода аянтчасында электрондук аукцион өткөрүү үчүн форманы толтурат жана өтүнмөнү (ижарага берүүчүнүн жетекчисинин колу менен) «жеке кабинети» аркылуу электрондук соода аянтчасында электрондук форматта төмөнкү документтерди тиркөө менен жайгаштырат:

- ижара акынын баштапкы өлчөмүнүн эсебин жана ижаранын мөөнөтүн;
- ижарага берилүүчү муниципалдык мүлктүн техникалык паспортунун же башка техникалык документтеринин (схемасынын, планынын) ижарага берүүчүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;
- муниципалдык мүлктү ижарага берүү жөнүндө келишимдин долбоорун.

10. Документтердин формасы, ошондой эле муниципалдык мүлктү ижарага берүү жөнүндө типтүү келишимдердин долбоорлору жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилет.

11. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукцион өткөрүү жөнүндө маалыматтык билдирүү – бул ижарага берүүчүнүн электрондук соода аянтчасында электрондук аукционду өткөрүү тууралуу «жеке кабинети» аркылуу жарыясы.

12. Эгерде муниципалдык мекеме же ишкана ижарага берүүчү болсо, муниципалдык мүлктү ижарага берүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү аткаруучу органы менен макулдашуу боюнча жүргүзүлөт.

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү тууралуу макулдашуунун же баш тартуунун мөөнөттөрү 30 күндүн ичинде жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы баш тарткан учурда муниципалдык мүлк ижарага берүүчүнүн пайдалануусунда кала берет.

13. Ижарага берүүчү тоорукка катышууга талапкерлердин талабы боюнча техникалык абалын карап чыгуусу үчүн ижара объектисине киргүсүн камсыздоосу керек. Мында талапкердин суроо-талабы боюнча ижарага берүүчү укук белгилөөчү документтерди жана фотосүрөт материалдарын таанышып чыгуу үчүн берүүгө милдеттүү.

14. Тоорукка тоорук өткөрүлгөнгө чейин электрондук соода аянтчасында катталган жактар катышат. Каттоо төмөнкүчө жүргүзүлөт:

- жеке жактар үчүн – электрондук кол тамганы же (e-ID) электрондук чиби бар ID-картасын пайдалануу менен же талапкердин катталган телефон номерине жиберилген ПИН-кодду ырастоо менен;
- юридикалык жактар үчүн – электрондук кол тамганы пайдалануу менен. Электрондук кол тамга болбогон учурда жеке жактар үчүн идентификациялоонун колдонулган формаларына ылайык юридикалык жактын мамлекеттик каттоосу/кайра каттоосу жөнүндө сканерден өткөрүлгөн күбөлүгүн жана жетекчини дайындоо тууралуу буйрукту же жеке жактын идентификациялык маалыматтары боюнча каттаган адамга мыйзамдарга ылайык таризделген, сканерден өткөрүлгөн ишеним катты тиркөө менен жүзөгө ашырылат.

15. Электрондук соода аянтчасынын оператору төмөнкүлөрдү камсыздайт:

- электрондук аукциондун катышуучуларына электрондук соода аянтчасында катталуу мүмкүндүгүн;
- электрондук аукциондун катышуучуларынын өтүнмөлөрдүн бардык беттерин толтурган шартта берүүсүн, ошондой эле электрондук форматта муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукцион өткөрүү жөнүндө маалыматтык билдирүүдө көрсөтүлгөн кабыл алуу мөөнөтү бүткөндө өтүнмөлөрдү берүүнү токтотуну;
- муниципалдык мүлктү ижарага берүү жол-жобосуна катышуучулардын бирдей жетүүсүн;
- электрондук аукциондун талапкерлери жана катышуучулары жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун.

16. Электрондук соода аянтчасынын оператору муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукционду өткөрүүнү электрондук соода аянтчасынын программалык-аппараттык каражаттары белгилеген техникалык бузулууда бир суткадан ашык эмес токтотуп турат. Электрондук аукционду өткөрүү токтотулган учурдан тартып кайра улантылат.

Электрондук аукциондун өткөрүлүшү токтотулган убакыттан тартып бир сааттын ичинде электрондук соода аянтчасынын оператору муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукционду токтото туруунун себептери, электрондук аукциондун токтотулган жана кайра улантылган убактысы жөнүндө маалыматты электрондук соода аянтчасына жайгаштырат, бул тууралуу катышуучуларга кабарлайт.

17. Ижарага берүүчү электрондук аукциондун талапкерлери жана катышуучулары тараптан Интернет тармагына кошулуудагы бузулуулар үчүн, ошондой эле электрди берүүгө жана форс-мажордук жагдайларга, тактап айтканда ал жеткис күчтөрдүн жагдайларына (суу ташкыны, өрт, жер титирөө, жарылуу, эпидемия же башка жаратылыш кырсыктары, согуш, аскердик аракеттерди киргизүү, өзгөчө же аскердик абалды киргизүү) байланышкан системада болгон бузулуулар үчүн жоопту эмес.

## 3. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта электрондук аукционду өткөрүү тартиби

18. Тооруктар ижаранын баасын жогорулатууга электрондук аукцион формасында жүргүзүлөт.

19. Аукциондун баштапкы баасын жана аукциондун кадамын баштапкы баанын өлчөмүнөн ижарага берүүчү аныктайт жана ижарага берүүчүнүн маалыматтык билдирүүсүндө көрсөтүлөт.

20. Маалыматтык билдирүү сөзсүз түрдө төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш:

- ижарага берүүчүнүн аталышы;
- ижара объектисинин аталышы, жайгашкан жери жана багыты;
- ижара объектисинин аянты жана техникалык абалы;
- электрондук соода аянтчасында электрондук аукционго катышуу үчүн өтүнмөлөрдү кабыл алган жана кабыл алуу аяктаган күнү, убактысы;
- ижаранын баштапкы баасы;
- кепилдик төгүмдүн жана камсыздандырган күрөөнүн суммасы жана берүү мөөнөтү, ошондой эле ал которула турган эсептин реквизиттери;
- ижаранын мөөнөтү;
- башка маалымат (ижарага берүүчүнүн каалоосу боюнча).

21. Тооруктардын жыйынтыгы аукцион аяктагандан кийин автоматтык түрдө система аркылуу генерацияланууучу протокол менен таризделет.

22. Тооруктар төмөнкү учурларда өткөн жок деп таанылат:

- тоорукка (аукционго) өтүнмөлөр түшпөсө/катышуучулар болбосо;
- бир гана талапкер катышуучу деп таанылса.

23. Аукционго өтүнмө түшпөсө/катышуучулар болбосо, ошондой эле аукционго бир гана талапкер катышса ижара объектиси тооруктан алынат жана аукцион өткөн жок деп таанылган күндөн кийин 30 (отуз) күндүн ичинде кайра аукционго коюлат. Өтүнмөлөр болбогондуктан аукцион эки жолу өткөн жок деп таанылса, баштапкы баасы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын тиешелүү комиссиясынын чечими (муниципалдык мүлк боюнча комиссия, жер участокторуна укук берүү боюнча комиссия) менен белгиленген суммага чейин төмөндөтүлөт же ижара объектиси тооруктан алынат.

24. Электрондук аукционго катышуу үчүн талапкер ижаранын жарыяланган баштапкы суммасынын 100 пайыз өлчөмүндө кепилдик төгүмүн маалыматтык билдирүүдө көрсөтүлгөн эсепке салышы керек.

Эгерде тоорук өтпөй калса, кепилдик төгүмү кайтарылып берилүүгө тийиш. Кепилдик төгүмү тоорукка катышып, бирок утпай калган жактарга да кайтарылат. Электрондук аукцион өткөн жок деп таануу жөнүндө чечим электрондук аукциондун жыйынтыгы тууралуу протокол менен таризделет.

25. Талапкер өтүнмөлөрдү кабыл алуу аяктоочу күндөн кечикпей электрондук соода аянтчасынын «жеке кабинетинде» өтүнмөнү кайра алганга укуктуу. Талапкер ушул Жободо белгиленген тартипте өтүнмөнү кайра алган учурда, өтүнмөнү кайра алуу тууралуу билдирүү (өтүнмө менен бирге) бир сааттын ичинде тиешелүү ижарага берүүчүнүн «жеке кабинетине» түшөт, бул жөнүндө талапкерге тиешелүү билдирүү жөнөтүлөт. Талапкерден түшкөн кепилдик төгүм өтүнмөнү кайра алуу тууралуу билдирүү түшкөн күндөн тартып он банктык күндүн ичинде кайтарып берилүүгө тийиш.

26. Кепилдик төгүм электрондук аукциондун бардык талапкерлерине жана катышуучуларына, жеңүүчүнү кошпогондо, электрондук аукциондун жыйынтыгы тууралуу протоколго кол коюлган учурдан тартып он банктык күндүн ичинде кайтарылып берилет.

Электрондук аукциондун жеңүүчүсүнө кепилдик төгүм ижара акысын төлөө эсебине чегерилет. Электрондук тооруктардын жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан же ижаранын келишимин түзүүдөн баш тарткан учурда электрондук аукциондун жеңүүчүсүнө кепилдик төгүм кайтарылып берилбейт.

Ижарага берүүчү өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгында жеңүүчү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы бекиткен типтүү келишимдин негизинде түзүлүүчү ижара келишимин түзөт.

27. Эгерде ижарага берүүчү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук аукцион жарыялаган муниципалдык мүлктү пайдалануу зарылчылыгы пайда болсо, ижарага берүүчү электрондук соода аянтчасында электрондук аукционду өткөрүү жөнүндө өз өтүнмөсүн тоорук башталганга чейин 1 жумуш күндөн кеч эмес мөөнөттө чакырып алууга укуктуу. Ижарага берүүчү электрондук аукционду өткөрүүдөн баш тартса, талапкерлер төккөн кепилдик төгүмдөр он банктык күндүн ичинде кайтарылууга тийиш.

28. Электрондук аукционду өткөрүү жол-жобосу электрондук аукционду өткөрүү жөнүндө маалыматтык билдирүүдө көрсөтүлгөн күндө жана убакытта өткөрүлөт.

29. Электрондук аукционду өткөрүү жол-жобосу жүрүп жаткан мезгилде катышуучулардын электрондук соода аянтчасынын жабык бөлүгүнө жетүүсү жана электрондук аукционго коюлган объекттин ижарасынын баасы жөнүндө алар тараптан сунуш берүү мүмкүндүгү камсыздалат.

30. Жеңүүчү болуп ижара объектисине эң жогорку бааны берген катышуучу таанылат.

31. Электрондук аукционду өткөрүүнүн жүрүшү электрондук соода аянтчасынын электрондук журналында белгиленет.

32. Электрондук аукциондун жол-жобосу электрондук аукциондун жыйынтыгы тууралуу электрондук протокол түзүлгөн убакыттан тартып аяктаган болуп эсептелет.

33. Электрондук соода аянтчасында электрондук документтерди түзүү, алуу жана жөнөтүү убактысы, ошондой эле муниципалдык мүлктү ижарага берүү жол-жобосун жүргүзүү убактысы жергиликтүү убакытка шайкеш келет.

